Helvetas Швейцария Эл аралык Кызматташуу Ассоциациясы, Кыргызстандагы Филиалы
Айылдык Кесипчилик Билим берүү Проектиси,
721600, Кыргыз Республикасы, Балыкчы ш., Комсомол к. 214,
Телефон: *996 (03944) 2 72 50, 2 72 51; Факс: (03944) 2 72 51;
Эл-почта: avep@helvetas.kg, www.helvetas.kg

# Айылдык Кесиптик Билим Берүү Проектиси (АКП)

## Фаза II: 2006 – 2008

## 2007 - жылдык отчет



Нарын, Балыкчы, Декабрь 2007
Максат Абдыкапаров — Проект менеджери
Сироко Мессерли — Техникалык кенешчи

helvetas Kyrgyzstan

# Биздин өнөктөштөр:

## Каржылоо:

Германиялык
өнүктүрүү
борбору

**Bischoefliches Hilfswerk**, Германия

## Ишке ашыруу:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик агенттиги

Методикалык борборлор, Бишкек жана Нарын

| | |
|---|---|
| №15- Кесиптик окуу жайы, | Кочкор; |
| №50- Кесиптик окуу жайы, | Оттук; |
| №26- Кесиптик окуу жайы, | Чаек; |
| №40- Кесиптик окуу жайы, | Баетов; |
| №32- Кесиптик окуу жайы, | Атбашы; |
| №86- Кесиптик окуу жайы, | Куланак; |
| №8- Кесиптик окуу жайы, | Караван; |
| №2- Кесиптик окуу жайы, | Каракол; |
| №19- Кесиптик окуу жайы, | Алтымыш (Кемин); |
| №81- Кесиптик окуу жайы, | Бөкөнбаев; |
| №82- Кесиптик окуу жайы, | Ананьево; |
| №28- Кесиптик окуу жайы, | Беловодск; |
| №43- Кесиптик окуу жайы, | Сокулук; |

**«КОЖО - Ананьево»** Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы;
**«КОЖО - Беловодск»** Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы;
**«КОЖО - Бөкөнбаев»** Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы;
**«КОЖО - Каракол»** Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы;
**«КОЖО - Кемин»** Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы;
**«КОЖО - Сокулук»** Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы

## Кызматташуу

«Компаньон» финансы тобу:
Филиалдары: Балыкчы, Бишкек, Каракол

# Мазмуну


1. Өбөлгөсү жана АКПнын тарыхы........................................................................5
2. Кыскача жыйынтыгы ........................................................................................6
   2.1. АКП проектисинин максаттары ..............................................................6
   2.2. АКП 2007-жылы........................................................................................8
   2.3. 2007-жылдагы жетишкендиктердин обзору .......................................10
3. Иш-аракеттер жана натыйжалар ..................................................................11
   3.1. Консолидация ........................................................................................11
      3.1.1. Окуу планга өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыртуу..............................12
      3.1.2. Окуу куралдары....................................................................................13
      3.1.3. Окуу жайдын иш аткаруусу ................................................................15
      3.1.4. Билим берүүнүн практикалык багыты................................................17
   3.2. Адаптация жана окутуунун башкарылышы ..........................................20
      3.2.1. Өнөктөштөрдү тандоо.........................................................................20
      3.2.2. Жергиликтүү тренинг фонддору .......................................................22
      3.2.3. Окууларды уюштуруп, өткөрүү механизми .......................................23
      3.2.4. Билим берүүнү камсыздоо..................................................................26
      3.2.5. Курсту иштеп чыгуу ............................................................................30
   3.3. Лоббирлөө (лоббирование) ...................................................................32
      3.3.1. АКПнын позициясын жана келечек көзкарашын сырткы тараптарга таанытуу ..............32
      3.3.2. Жаны курстун таанылышы..................................................................34
4. Жыйынтыктоо жана келечек көз караш .........................................................35
5. Библиография ....................................................................................................38


Эскертүү: Караван окуу жайы боюнча иш-аракеттер жана натыйжалар «Баткенге көз чаптыруу» деген бөлүктө сүрөттөлөт.

# Кыскартуулар

| | |
|---|---|
| АКП | Айыл чарба жана айылдык кесиптик билим берүү проектиси |
| АКК | Айылдык кеңеш кызматы |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАМБ | Биргелешип айыл муктаждыгын баалоо |
| БОПИЧ | Биргелешип окуу планын иштеп чыгуу |
| Бюджет класстар | КРӨ тарабынан каржыланган окуу жай класстары |
| ГТЦ | Gesellschaft fuer Technische Zusammenarbeit (Германиялык кызматташуу коому) |
| ЖИП | Жылдык иш планы |
| ЖК | Жетектөөчү кеңеш |
| ILO | Эмгек боюнча эл аралык уюм |
| КБД | Кесиптик билим берүү департаменти |
| КББС | Кесиптик билим берүү схемасы |
| КББМА | Кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик агенттиги |
| КН | Күтүлүүчү натыйжа |
| КОБ | Кеңеш берүү-окутуу борбору |
| КОЖО | Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы |
| КРӨ | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| БилМин | Билим берүү министрлиги |
| Машыктыруучу | Проект иштери менен шакирттик практиканы колдоо үчүн АКП тарабынан киргизилген жаңы штат |
| Машыктыруучу фермер | Шакирттик практика үчүн студенттерди кабыл алган тажрыйбалуу фермер |
| ОМКП | Окуу жайлардын менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу программасы |
| ОМБ | Облустук методикалык борбор |
| ОК | Окуу куралдары |
| РИМБ | Республикалык илимий-методикалык борбор |
| СТМ | Студенттик талаа мектеби |
| ТМБ | Тренинг муктаждыктарын баалоо |
| CIEA | Айылчарбалык билим берүү боюнча эларалык борбор |
| ТО(Б) | Тренерлерди окутуу (борбору) |
| ФТМ | Фермердик талаа мектеби |
| ЭСКМ | Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги |
| Эксперимент класстар | Нарын жана Баткен областарындагы проект тарабынан каржыланган класстар |

# 1. Өбөлгөсү жана АКПнын тарыхы

Көп тармактуу, тиешелүү билим, шык-жөндөм жана мамилелерге негизделген, теориялык жана практикалык элементтердин айкалышынан турган жана базар экономикасына багытталган прогрессивдүү жана ылайыктуу айыл чарба кесиптик билим берүү калкынын көпчүлүгү айыл жергесинде жашаган Кыргызстан үчүн өзгөчө мааниге ээ. Фермер жана фермер айым кесиби боюнча кесиптик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн тышкы таасирлерге, б.а. социалдык-экономикалык шарттардын, базардын суроо-талаптарынын жана биоклиматтык факторлордун өзгөрүүлөрүнө активдүү жооп кайтаруу менен аларга туруштук берүүсүнө жана өз жашоо шарттарын жакшыртууда өздөрүнүн чарбачылык жүргүзүү системаларын ылайыкташтырып түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоодо жана жүзөгө ашырууда өз күчтөрү менен мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк ишенүүсүн күчтөндүрүү максатында, Айыл чарба жана айылдык кесиптик билим берүү проектиси өз ишин 2001-жылдан тартып баштаган.

Проектинин логикалык негиздерин жана үйрөнүлгөн сабактары кайсылар болгонун түшүнүү үчүн АКПнын тарыхындагы маанилүү кадамдарга көз жүгүртүү зарыл.

2001-жылы Проект кесиптик профилди өнүктүрүү, жаңы кесиптик билим берүү схемасын (КББС) жана Биргелешип окуу пландарды иштеп чыгуу (БОПИЧ)[1] ишыкмасы аркылуу жаңы окуу планды иштеп чыгуунун негизинде фермерлер үчүн атайын үч жылдык билим берүү системасын ишке ашырууну жана биргелешип каржылоону баштаган. Инновацияларды ишке киргизүү максатында эки окуу жайда төрт эксперименталдык класстар окутула баштаган. Окуу куралдары кыргыз тилинде түзүлүп чыкты жана окуу жайларында иш жүзүндө колдонулду. Андан тышкары, Проект мугалимдердин предметтик жана методологиялык багыттагы шык, билим жана мамилелерин жакшыртууну баштаган. Эки жылдык пилоттук фаза аяктагандан кийин, проектинин иш-аракеттери проектинин I фазасынын алкагында улантылды. Себеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч жылдык билим берүүнү камтыган биринчи циклинен кийинки жылда окууга кабыл алынган студенттердин группасын (бюджеттик класстар) каржылоо милдетин өз мойнуна өткөрүп алган.

Акырындык менен башка окуу жайларга жайылтуунун негизинде студенттердин проект иштери, шакирттик практика сыяктуу кесиптик схеманын жаңы элементтери окуу жайлар тарабынан иштелип чыккан жана жүзөгө ашырыла баштаган. Мугалимдер жана окуу жай менеджменти үчүн тренинг программа кеңири жайылтылып жана кийинки семестрлер үчүн кошумча окуу куралдары жазылып, даярдалган.

2003-жылда АКП Нарын облусундагы бардык жети кесиптик окуу жайды толугу менен камтыды жана Республикалык жана Нарын облустук методикалык борборлор менен кызматташып, мандаттык системанын негизинде иш алып барды. АКП баалоо системасын иштеп чыгып, окуу жайларды аны колдонуу боюнча окутуп-үйрөткөн, 6-семестр үчүн окуу планын түзгөн жана студенттердин проект иштеринин финансылык туруктуулугун камсыздоо максатында эки кредиттик агенсттиктер уюшулган.

2004-жылы ГТЦ менен биргелешип каржылоо боюнча келишим проектинин ишин Баткен облусундагы бир окуу жайга да жайылышына мүмкүндүк берди. Бул Биргелешип айыл муктаждыгын баалоо (БАМБ) жана БОПИЧ боюнча иш-аракеттерди колдонуу менен окуу пландарын жергиликтүү шартка ошондой эле жаңы иштелип чыгарылган окуу куралдарынын мазмунуна киргизилген өзгөрүүлөргө жараша ылайыкташтырууга алып келди. Нарындагы эки окуу жайдагы жыйынтыктоочу баалоо экзамениенен кийин 78 бүтүрүүчү өздөрүнүн чарбасында иштөөгө кайтып барышкан. Кеңеш берүү-окутуу борбору (КОБ) жана Айылдык кеңеш кызматы (АКК) менен биргелешип аткарылып жаткан проектинин негизинде окуу жай мугалимдери, машыктыруучулар жана окуучулар Өсүмдүктөрдү комплекстүү коргоо (ӨКК) ыкмасын колдонуп Студенттик Талаа Мектебин (СТМ) жүзөгө ашыруу багытындагы окууларга катышууга мүмкүндүк алышты.

[1] Тейлор П., 2001. Эффективдүү жолдо Биргелешип окуу планын иштеп чыгуунун 10 кадамы

Дагы башка эки кредиттик агентство түзүлдү да, окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү жана машыктыруу системасы ишке киргизилди. 2004-жылдын күзүнөн баштап Нарын облусундагы бардык окуу жайларда бюджеттик группалар окуп башташты.

2005-жылы мурдагыдан башка 180 студент эксперименталдык жана бюджеттик группалардан окуусун аякташты. Проект мугалимдер үчүн тренингди камсыз кылууну улантты, окуу куралдарын жакшыртып, кайра түздү жана окуу жайдын менеджерлери үчүн жаңы тренинг программасын ишке киргизди. Жазында АКПнын I фазасынын жыйынтыгына баа берилди да, күзүндө кийинки (2006-08-жылдык) фазалык иши пландалды.

2006-жылы АКП өзүнүн II фазасын баштады, ал фермер жана фермер айым кесиптик курсу боюнча тренерлерди окутуу, окуу куралдарын иштеп чыгуу, окуу программасын жакшыртып түзүү жана Студенттик талаа мектебине (СТМ) колдоо көрсөтүүнү улантуу менен коштолду. Нарында эксперименталдык класстардын акыркы группасы окууну бүтүп чыгып жатса, «ишкер фермер» аттуу жаңы иштелип чыккан окуу курсу жана окуу программасына ылайык Чүй жана Ысыккөл облустарында проект менен кызматташууга жаңы эле тартылган төрт окуу жайда студенттердин алгачкы төрт группасы окутула баштады. Аталган 16 айлык кыска мөөнөттүк курс үчүн Кесиптик окутуунун жергиликтүү органдарын (КОЖО) түзүүнүн натыйжасында инновациялык жана финансылык жактан туруктуу келген окутуунун башкарылышы жана биргелешип каржылоо системасы ийгиликтүү жолдо ишке киргизилди.

# 2. Кыскача жыйынтыгы

## 2.1. АКП проектисинин максаттары

Айылдык кесиптик билим берүү проектиси (АКП) Кыргызстандагы фермердик коомчулуктун кесиптик-техникалык шык-билимин жакшыртуучу жана фермерлерди айылдык ишкер болуп чыгууга карата багыттоочу айыл жергесиндеги кесиптик билим берүүнү түзүү максатында 2001-жылы Нарын облусунда иштеп баштаган. Кийинчерээк, ишти акырындык менен жайылтуу процессинин негизинде азыркы учурда Проект Нарын, Баткен, Ысыккөл жана Чүй облустарында үч жылдык «фермер», «фермер айым» жана 16 айлык «ишкер фермер» кесибине окутууну ишке ашырууда 11 өнөктөш окуу жайы менен кызматташып, инновациялык Кесипчилик билим берүү схемасын стандартташтырууга жетишүү максатында, Республикалык илимий-методикалык борборду (РИМБ) да камтып иштөөдө. Жалпысынан 1200 студент бул курстарда окуп жатат, ал эми 600дөн ашык бүтүрүүчүлөр өздөрүнүн фермердик чарбаларына кайтып барышты.

АКПнын I фазасынын максаты айыл чарбасын жана айыл жергесин өнүктүрүүгө көмөктөшүп, айылдык калктын кирешесин жогорулатуу максатында, өз бүтүрүүчүлөрүнө менчик чарбасы менен жеке бизнесин өз алдынча башкарып кетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып бергидей билим, шык-жөндөмдөр жана мамилелер багытында окутуп-үйрөтүү шартын түзө ала турган, жергиликтүү шартка ылайыкташкан, натыйжалуу жана финансылык жактан туруктуу айылчарбалык билим берүү системасын негиздөөгө жакындан салымын кошуу болгон. Проект негизги басымды базар мамилелеринин талабына жана практикалык тажрыйбага багытталган жана гендердик балансдагы (аял менен эркектин коомдогу ордунун теңдештигин камсыз кылган) билим берүүгө койгон. Проектинин бул каалоосу ушул бойдон эле, өзгөрүүсүз калганына карабастан, АКП өзүнүн II фазасында кызмат көрсөтүү системасынын финансылык жана операциондук туруктуулук аспектилерине жана клиенттердин муктаждыктарын канааттандыра ала тургандай болуп ыңгайланыштырылган (адаптацияланган) окууларды көбүрөөк сунуштоого багыт алмакчы.

Проектинин II фазасынын максаты төмөндөгүдөй:

| |
|---|
| ***Айылдык ишкерлер катары фермерлерди окутууга багытталган туруктуу негизде иштеп жаткан жергиликтүү ээликтеги каржылоо жана билим берүү механизмдерин ишке киргизүүгө көмөктөшүү аркылуу айыл жергесин өнүктүрүүгө салым кошуп, анын натыйжасында фермерлердин социалдык жана экономикалык абалын жакшыртууга колдоо көрсөтөт.*** |

Жалпы максат проектинин милдети катары аныкталган төмөнкүдөй сүрөттөлгөн үч түрдүү максаттагы иш-аракеттин тизмеси менен дал келет.

***1-максат: Консолидация***

***I фазанын жетишкендиктерин бекемдөө максатында, Кесиптик билим берүү системасы менен фермер кесиби боюнча билим берүүнүн негизги компоненттерин жана баалуулуктарын толук түшүнүүгө көмөк көрсөтүлдү.***

Бул максат кызыккан тараптардын системага ээлик кылуусун күчтөндүрүүгө жана билим берүүнүн практикалык бөлүктөрү (шакирттик практика, проект иштери, практикалык сабактар) үчүн туруктуу каржылоо механизмдерин түзүүгө өзгөчө көңүл бөлүүнү көздөө менен Нарын жана Баткен облустарындагы сегиз өнөктөш окуу жайларына окуу планды иштеп чыгуу процессин өткөрүп берүү процедурасына тиешелүү.

***2-максат: Адаптация жана окутуунун башкарылышы***

***Жаш жана потенциалдуу фермерлердин айылдык ишкер болуп чыгуусу үчүн окутуп-үйрөтүүнү көздөп, окуунун модулдук программасын жүзөгө ашырууда биргелешип каржылоо механизимдерин ишке киргизүү максатында, жергиликтүү менчикке таандык болгон уюмду түзүү демилгеси көтөрүлүп чыгылды.***

Жаңы курсту туруктуу жолдо каржылоо үчүн жергиликтүү тараптар ээлик кылган кесиптик билим берүүнүн тренинг фондун түзүү менен катар эле, өзүнүн Нарында топтолгон тажрыйбаларынын негизинде, Проектинин II фазасында конкурстук негизде АКП менен кызматташууга тартыла турган окуу жайлар менен биргелешип Проект «ишкер фермерлер» үчүн кыска мөөнөттүк жаңы модулдук курсту иштеп чыкты.

***3-максат: Системаны реформалоо боюнча лоббирлөө***

***Институционалдык жана системалык реформалоону жүргүзүүгө багытталган кызматташтыкка тартылган тараптардын арасында негизги саясат жана операциондук ишке тиешелүү маселелердин ичинен тандалып алынгандарын талкуулап жана ой-пикир алмашууларды жүргүзүүгө түрткү берилди.***

Проект жаңы окуу курсун жана биргелешип каржылоо ишыкмасын официалдуу деңгээлде таанытуу максатында, өкмөттүк тараптан тиешелүү кызыккан өнөктөштөрдү ишке тартуу багытындагы аракеттерин улантмакчы. Кыргызстандын Кесиптик билим берүү (КББ) секторуна жалпысынан тиешелүү болгон бардык деңгээлдеги маселелерди Проект өзүнүн лоббирлөөсү аркылуу, ошондой эле ийгиликтүү биргелешип аракеттенген күчтөрдү (синергизмди) издөө менен Кыргызстандын КББ секторун реформалоо боюнча иштеген башка донорлор жана проектилер менен иш жүргүзмөкчү.

## 2.2. АКП 2007-жылы

Өзүнүн II фазасынын экинчи жылында АКП Нарын жана Баткендеги окуу жайлардагы фермер жана фермер айымдар үчүн азыркы үч жылдык курстун тажрыйбасын консолидациялоо менен бирге эле Ысыккөл жана Чүй облустарындагы жаңы өнөктөш окуу жайлары үчүн ылайыктуу каржылоо механизми жана жаңы курстун окуу планын иштеп чыгуунун экөөнө тең бирдей көлөмдөгү финансы каражаттарын жана убакытты жумшады.

*Нарын жана Баткен окуу жайлары үчүн:*

2007-жылы бардык өнөктөш окуу жайларда толугу менен мамлекет тарабынан каржыланган бюджеттик класстар окутулду. Ал эми Проекттин колдоосу төмөнкүдөй болду:

- Бардык өнөктөш окуу жайлардын китепканаларын фермерлерди окутуу үчүн керектүү болгон тиешелүү окуу куралдарынын акыркы версияларын камтыган китептер менен камсыз кылды;
- Кесиптик багыттагы жалпы билим берүү предметтерин киргизүү максатында окуу пландарын ыңгайланыштырып түзүп чыгуу процесси боюнча демилге көтөрүп чыкты;
- Фермер жана фермер айым кесиби боюнча курсту бүтүрүп чыккандардын техникумга кирип, окуусуна жол ачуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн кесиптик окуу жайлар менен Киршелк техникумунун ортосунда келишим түзүүгө демилгечи болду;
- Студенттик башкарууга негизделген фонддорду түзүү аркылуу Студенттик талаа мектептерин (СТМ) туруктуу негизде каржылоонун жолдорун издеди;
- Кыргызстанда алгачкы жолу Нарын облусундагы өнөктөш окуу жайларында малчарбачылык боюнча Фермердик талаа мектебин ишке киргизди;
- Шакирттерди практикада окутуп-үйрөтүүдө пайдасы тийиш үчүн чарбалык инвестициялар катары кредит берүү максатында Акталаа жана Атбашы райондорунун фермерлерине кайтарымдуу фонддорун ачууда көмөк көрсөттү;
- Бардык мугалимдер үчүн (методикалык жана предметтик сабактар боюнча) эки окуу программасына бекер катышууга жол ачты;
- Шакирттик практика учурунда класстык жана практикалык сабактардын сапатына мониторинг жүргүздү;
- Баткен облусунун Караван окуу жайында фермер жана фермер айым кесиби боюнча акыркы эксперименталдык классты окутууну (жана ГТЦнын суб-проектинин ишин жыйынтыктоону) жүзөгө ашыруу үчүн каржылоо жана машыктыруу боюнча колдоо көрсөттү.

*Ысыккөл жана Чүй окуу жайлары үчүн:*

Учурда Проект менен кызматташып жаткан төрт өнөктөш окуу жайдын «Ишкер фермер» курстарынын студенттери окуунун 1-семестрин баалоо жүргүзүү менен аяктап, жайкы мезгилди шакирттик практикада өткөрүштү да, күзүндө 3-семестрин улантышты. Ага кошумча, алгачкы группанын 60тан ашуун студенти менен экинчи группанын 60 чамасындагы студенти да өздөрүнүн окуусун ноябрда кайрадан уланткан.

Проект өнөнктөш окуу жайларына 1-семестрдин окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө колдоо көрсөттү жана шакирттик практика боюнча түшүнүк таркатуу үчүн жөнөкөй китепчени иштеп чыкты. Башка донорлор менен биргеликте, РИМБга «ишкер фермер» курсунун 3-семестри үчүн республикалык деңгээлде пайдаланыла турган модулдук системасын түзүүгө негиз болчу модулдаштыруу боюнча колдонмолорду иштеп чыгууда колдоо көрсөттү. Мугалимдердин предметтик топторун активдүү машыктыруу жана окутуу аркылуу модулдарды иштеп чыгуу боюнча колдонмо жазылды жана модулдардын алгачкы жыйнагы иштелип чыгылды.

Жарым жылдык окуу курсунун эки программасы мугалимдерге методикалык жана техникалык сабактар боюнча өз квалификацияларын жогорулатуусуна мүмкүндүк түзүп берди. Аталган программалар класстык сабактарга жүргүзүлгөн регулярдуу мониторингдин жана студентттер менен мугалимдердин пикирин суроонун жыйынтыктарына негизделип түзүлдү. Андан кийин, мугалимдер калыс жана ачык-айкын баалоонун натыйжасында окууга тартылды.

Проект өз ишин Чүйдүн батышында жайгашкан райондорго жайылтты, ал жерде төрт потенциалдык окуу жайдын экөөндө КОЖО ачуу демилгеси ийгиликтүү жолдо көтөрүлдү жана күзүндө «ишкер фермер» кесиби боюнча алгачкы группа окутула баштады.

КОЖОнун уюмдук өнүгүүсүн арттыруу жана фандрайзинг (каржылоо булактарын табуу) иштерин күчтөндүрүү максатында АКП КОЖОнун аткаруучу директорлорун активдүү түрдө окутту жана машыктырды. Биргелешкен жергиликтүү каржылоо боюнча алардын жетишкен ийгиликтеринин негизинде жана проект менен кызматташып келе жаткан жылдарынын санына жараша, АКП КОЖОнун каражаттарын жогоркуга тиешелүү түрдө алты жана төрт эсе көбөйттү.

«Компаньон» финансы тобу (микрокредиттик компания) студенттердин проект иштери үчүн кредит берүүдө өзүнүн ишенимдүү партнер экендигин тастыктоону улантты. «Компаньон» менен Нарындын эки окуу жайынын ортосундагы өнөктөштүктүн үзүрлүү жыйынтыктарынын натыйжасында, кызматташтыкты Ысыккөл жана Чүй облустарындагы бардык жаңы өнөктөш окуу жайларга да таркатуу мүмкүн болду. «Компаньон» студенттерге арзан проценттик ставкадагы кредитти күрөөсүз берет да, кесиптик окуу жайларына кредиттик пакетти натыйжалуу жолдо колдонуу багытында кеңешин айтып, жардам көрсөтөт.

*Проектинин лоббирлөө жана тармактык байланыш түзүү багытындагы иштери*

КББА, РИМБ, ОМБ өкүлдөрүнө проектинин ишинин прогресси жана инновациялары тууралуу жаңы маалыматтарды таркатып туруу максатында, аларды АКП өз семинарларына жана презентацияларына чакырып, тартууну улантты. Ошону менен катар эле, проектинин жетишкендиктерин мамлекеттик КББ системасына киргизип, интеграциялоого колдоо көрсөтүүдө жана алардын ой-пикирлерин угуп жатат.

2007-жылы АКПнын модераторлугунун астында өткөрүлгөн донорлук тегерек стол чогулушу Өкмөткө жана тиешелүү министрликтерге «Кыргызстандын Кесиптик билим берүү системасына карата донорлук көзкараш» аттуу документтин жыйынтык версиясын сунуштады. Андан кийин кызмат берүүчү уюмдардын азыркы күндөгү КББ системасынын иши менен канааттануусун аныктоо үчүн республикалык деңгээлде кеңири масштабдуу изилдөө жүргүзүү башталды.

АКП Кочкор кесиптик окуу жайы менен Европалык тренинг фондунун (ЕТФ) ортосундагы кызматташтыкты түзүүгө жардам берди, натыйжада ал өнүгүп-өсүп, фермерлер үчүн жаңы кыска мөөнөттүк курстарды киргизүүгө алып келди.

## 2.3. 2007-жылдагы жетишкендиктердин обзору

*Отчеттук мезгилдин эң маанилүү жетишкендиктери төмөнкүлөр болду:*

- *Билим берүү Министрлиги менен Макулдашуу Меморандумуна (ММ) кол коюлду;*
- *Нарын облусунун окуу жайларынын арасында Киршелк техникумунун маалымат кампаниясы өткөрүлдү;*
- *Караван кесиптик окуу жайы үчүн 6-семестрдин окуу планы иштелип чыгылды жана толукталды;*
- *Караван КОЖундагы эксперименталдык класстын бүтүрүүчүлөрүнүн саны 37 болду;*
- *Чүйдүн чыгышында жана Ысыккөл жайгашкан КОЖдор үчүн 1-семестрдин окуу планы биргелешкен семинардын ишинин натыйжасында өзгөртүлүп түзүлдү;*
- *Чүйдүн батышында жайгашкан КОЖдор үчүн 1-семестрдин окуу планы биргелешип иштелип чыгылды;*
- *Шакирттик практиканын окуу планы жана модулдук системасы, ошондой эле ага тиешелүү колдонмосу окуу жайлар менен биргеликте иштелип чыгарылды;*
- *Кыргыз тилиндеги 16 окуу куралы өзгөртүлүп түзүлүп, Чүй жана Ысыккөл облустарынын КОЖдору үчүн 17 окуу куралы орус тилинде басылып чыкты;*
- *53 тренер менен келишим түзүлүп, 64 окуу өткөрүлдү да, окуу программасы боюнча 459 мугалим окууга тартылды;*
- *Сегиз мугалим малчарбачылык боюнча СТМдин ТО курсуна катышты да, алты Студенттик талаа мектебинде (СТМ) 64 студент үчүн тоюттандыруу жана ветеринардык иштер боюнча практикалык окууларды уюштурду;*
- *Төрт окуу жайда СТМди жүзөгө ашыруу максатында студенттер менен мугалимдердин төрт коомдук бирикмеси түзүлдү;*
- *Шакирттик практика системаларын (~3'000 евро) кредиттик жактан каржылоо үчүн Мисереордун колдоосунун астында эки кайтарымдуу фонддору уюшулду;*
- *151 машыктыруучу фермер үйрөнчүктөрдү кабыл алууга даяр;*
- *Чүйдүн батышында жайгашкан жаңы эки окуу жай проект командасына кошулду жана ийгиликтүү жолдо эки кесиптик окутуунун жергиликтүү фондун (КОЖО) түзүү демилгесин көтөрдү;*
- *425 адам алты КОЖОнун жылдык чогулушуна катышты;*
- *Проект алты КОЖОго жалпы суммасы 1'300'000 сомдук финансылык колдоону камсыздады;*
- *64 студент жаңы уюшулган «ишкер фермер» курсунан окуй баштады;*
- *Алты КОЖ тарабынан сунушталган сегиз инвестициялык проект тандалып алынды жана ага жалпы суммасы 260"000 сомду түзгөн каражат бөлүнүп берилди;*
- *Өнөктөш окуу жайлар өз алдынча тогуз жолу студенттердин шык-билимин даңазалоо күнүн 395ке жакын адамдын катышуусунда өткөрүштү;*
- *Негизги донорлор менен КББ реформасынын алкагында иштеген проектилердин өкүлдөрү нүн катышуусунда донорлордун беш тегерек стол талкуулары өткөрүлдү;*
- *«Ишкер фермер» окуу курсун биргелешип каржылоо боюнча 2007-жылы жергиликтүү фонддун булактары аркылуу каражат табуу алты райондо 693'271 сомду түздү.*

# 3. Иш-аракеттер жана натыйжалар

Башкы максат

***Айылдык ишкерлер катары фермерлерди окутууга багытталган туруктуу негизде иштеп жаткан жергиликтүү ээликтеги каржылоо жана билим берүү механизмдерин ишке киргизүүгө көмөктөшүү аркылуу айыл жергесин өнүктүрүүгө салым кошуп, анын натыйжасында фермерлердин социалдык жана экономикалык абалын жакшыртууга колдоо көрсөтүү.***

Тийгизген таасири

Проект окуу боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдүн финансылык жана операциондук жактан көз карандысыздыкка жетүүсүнө жана билим берүүнүн сапатын тиешелүү деңгээлде сактап турууга мүмкүнчүлүк берүүчү тренингди уюштуруп камсыздоонун кесиптик окутуунун жергиликтүү органдарын түзүүгө салым кошуп, аларды ишин рекламалоого колдоо көрсөтөт. Ошол эле учурда мурунку үч жылдык окуу курсунун окуу планы менен структурасынын негизинде Ысыккөл жана Чүй облустарынын жергиликтүү шартына ылайыкташтырылган кыскартылган жана жарым-жартылай модулдаштырылган жаңы билим берүү системасы иштелип чыкты. Бул алты өнөктөш окуу жайы, башка КББ структурасынын жана ошондой эле фермердик кызыккан тараптары аркылуу иштелип чыгарылды жана жүзөгө ашырылып жатат. Проектинин максаты багытын өзгөртпөстөн, I фазадагыдай бойдон эле калды: келечектеги фермерлердин чарбалык кирешесин арттыруу жана алардын жашоо шарттарын жакшыртуу максатында техникалык, башкаруучулук жана маркетинг иштери боюнча шык-билимдерин жогорулатууга салым кошуу. Бирок буга кошумча проект билим берүүнү финансылоо механизмин жакшыртууга да салым кошмокчу. Жаңы окуу жайлар менен кызматташып иштешүүдөн тышкары, проект Нарын жана Баткен облустарындагы өнөктөш окуу жайларда үч жылдык курстун толук жоопкерчилигин окуу жайлардын өзүнө өткөрүп берүү жана ошону менен бирге финансылык жактан туруктуу каржылоо механизмдерин түзүү процессинин үстүндө иштеп жатат.

Жогоруда белгиленген таасирлерге жетүү максатында иш алып барууда проект төмөндөгүдөй үч багыттагы иш-аракеттерди көздөйт:

1. Үч жылдык фермердик билим берүүнүн Нарын облусундагы өнөктөш окуу жайларында жана Баткен облусундагы бир окуу жайда жетишилген натыйжаларын системага бириктирип к**онсолидациялоо** жана башталган иш-чараларды жыйынтыктоо.
2. Окуу курстарын окууну колдонуучулардын муктаждыктарына шайкеш келтирип тууралоо максатында курсту **адаптациялоо** жана окууну камсыздоо үчүн финансылык туруктуулук жагынан потенциалдык мүмкүнчүлүгү бар, ээлик кылуу жана каржылоо механизмине ээ болгон жергиликтүү деңгээлдеги **тренингди башкаруу** системасын түзүү.
3. Институционалдык реформаны жүргүзүү боюнча **лоббирлөө**.

## 3.1. Консолидация

*1-максатка тиешелүү:* ***I фазанын жетишкендиктерин бекемдөө максатында фермердик кесип боюнча билим берүүнүн негизги компоненттерин жана баалуулуктарын Кесиптик билим берүү системасына киргизип, бириктирүүгө көмөк көрсөтүлдү***

Индикаторлор

| | |
|---|---|
| Билим берүүнү камсыз кылуу: | Нарын жана Баткен облусундагы сегиз өнөктөш окуу жайлар АКП тарабынан иштелип чыгарылган системага ылайык фермердик билим берүү ишин улантты. Бул жылы Проект түздөн-түз окуу жайлары менен эмес, методикалык борборлор аркылуу көбүрөөк иштерди аткарды. Ошого карабастан, суроо-талаптын негизинде техникалык жактан колдоо көрсөтүүнү да улантты. Кесиптик окуу жайлардагы азыркы учурда да ишке ашыруунун үстүндө болуп жаткан негизги иш-аракет - бул үч жылдык курсту өткөрүп берүүнү аяктоо. |

### 3.1.1. Окуу планга өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыртуу

*ЖИПтин 1.1-күтүлүүчү натыйжасына (КН) тиешелүү:* ***Үч жылдык курстун окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыртуу ишке ашырылды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
| --- | --- |
| Окуу пландын (проект иштери, шакирттик практика, практикалык сабактар) практикалык ориентациясы сакталып калды: | Проект иштери жана шакирттик практика окуу жайлар тарабынан ишке ашырылды, бирок каржылоонун жетишсиздигинен улам практикалык сабактардын толугу менен өтүлүшү боюнча проблемалар болду; кайбир окуу жайларда шакирттик практика кыскартылды. |
| Кесипке багыттагы жалпы билим берүү предметтерин киргизүү боюнча Макулдашуу меморандумуна (ММ) кол коюлду: | Ооба, бирок ММ түзүлүп, БилМин менен АКПнын ортосундагы иш планы макулдашылганына жана жумушчу топтор уюшулганына карабастан, ишти аткаруу кечиктирилүүдө. (РИМБ жана ОМБ иш планды аткарууга жооптуу тараптар). |
| Фермер жана фермер айым курсунун бүтүрүүчүлөрүнүн билим алуусуна мүмкүнчүлүк ачуу үчүн Киршелк техникуму менен ММге кол коюлду: | Ооба, ММге кол коюлду жана (Нарын жана Караван кесиптик окуу жайларынын жетекчиликтери, мугалимдери менен мастерлерин ишке тартуу аркылуу) иш планы түзүлдү, бирок ОМБ тарабынан жетишээрлик координация камсыздалбагандыктан иш толугу менен жүзөгө ашырыла албай жатат. |
| Мугалимдер жаңы курстун окуу планын колдонуу боюнча окуудан өтүштү: | Ооба, окуу планы иштелип чыгарылды да, мугалимдерге тааныштырылды. |
| Караван КОЖу үчүн окуу планы жактырылып, бекитилди: | Караван КОЖу үчүн окуу пландын акыркы версиясы иштелип чыгарылды жана РИМБ тарабынан жактырылып, бекитилди. |

Процесс:

Нарын облусундагы кесиптик окуу жайлардын эксперименталдык класстарында үч жылдык курстун окуу цикли аяктагандан кийин, курстун окуу планын жакшыртып түзүү максатында семинарлардын бирнече сериясы жана чогулуштар өткөрүлдү. Окуу пландын акыркы версиясы даяр болгондон кийин Проект БилМин менен жалпы билим берүү предметтерин киргизүү максатында кайрадан карап чыгып, кеситик ориентацияга багыттоо боюнча макулдашууга жетишти. Тиешелүү иш планы иштелип чыгарылып, БилМин менен РИМБнын адистеринен жана КОЖ мугалимдеринен турган жумушчу топ түзүлдү. Анын максаты 2007-жылда жаңы окуу жылын жаңыдан бекитилген окуу планы менен баштоо эле. Тилекке каршы, БилМиндеги кызматкерлердин орун алмашуусуна, методикалык борборлор арабынан координациянын начар болушуна жана проект тарабынан лобирлөөнүн аз жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, бул максатка өз убагында жетүү мүмкүн болгон жок, ошондуктан аталган иш келерки жылга калтырылды.

Киршелк техникуму менен биргеликте чакан проекттин иши ийгиликтүү жолдо башталганына жана кесиптик окуу жайларда техникумдун маалымат кампанияларынын (чыгымдары Проект тарабынан жабылып) уюштурулганына карабастан, ОМБ менен КОЖдор жетекчиликти колго алууга жана өз бүтүрүүчүлөрүн техникумдан билим алуусун улантуу үчүн киргизүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланууга жетише албады. Андан тышкары, ОМБ РИМБ менен чогу БилМиндин официалдуу түрдө техникумду таануу процессинде колдоо көрсөтүүсү күтүлгөн эле. Мунун аткарылбагандыгынын бир себеби ОМБда проект ишине тартылган негизги жоопкерчиликти алган адамдын жумуштан кетүүсү жана ишти тиешелүү жолдо өткөрүп бербегендиги болсо, ОМБ тарабынан координациялоонун начар болушу менен КБДда структуралык өзгөрүүлөрдүн жүргүзүлүшү да иш процессинде тоскоолдуктарды түздү.

Аталган эки иш-аракет боюнча Проект тарабынан активдүү түрдө лобирлөө аркылуу ишти алга жылдыруу жана керек болсо «Хельветастын» башкы офисинин лобирлөө ишине тартылышын да күчөтүү зарыл деген корутунду чечим кабыл алынды.

Мугалимдер менен мастерлердин көпчүлүгү окуу планын өзгөртүп түзүү процессине өздөрү зор салым кошкондуктан, проекттин окуу программасына катышууга мүмкүндүк алышты. Өнөктөштөр окуу жай мугалимдеринин квалификациялык жөндөмдөрүн жогорулатуу багытындагы жалгыз гана мүмкүнчүлүк болгон техникалык сабактар боюнча өткөрүлгөн тренингдер үчүн ыраазычылык билдиришти.

Баткенге көз чаптыруу

*1-КН: «Ишкер фермер» кесиби боюнча билим берүү үчүн иштелип чыгарылган окуу планы Республикалык илимий-методикалык борбор тарабынан жактырылып бекитилди.*

*1-негизги окуя: 1-3-семестрдин окуу планы сертификация алды: аткарылды*

*2-негизги окуя: 4-6-семестрдин окуу планы сертификация алды: окуу планы даяр, сертификациялоо 2007-жылдын 1-жарымында ишке ашты.*

6-семестрдин окуусун аяктоо менен Каравандагы кесиптик окуу жайы үч жылдык курс боюнча билим берүү циклин толугу менен аяктады жана өзүнүн алгачкы бүтүрүүчүлөрүнө күбөлүктөрдү тапшырды. 6-семестрдин окуу планы кыйла татаал болду, себеби анын курамына айылчарбалык маселелер багытында кеңешчилик кызматтары менен байланыштуу болгон спецификалык тематика (кеңешчилик ишинин методикасы, коомчулукту мобилизациялоо, фасилитация жана модераторлук) киргизилген эле. Курстун окуусу бүткөн соң, окуу планынын акыркы версиясы жыйнакталды жана жайында РИМБ тарабынан официалдуу түрдө бекитилди.

### 3.1.2. Окуу куралдары

*ЖИПтин 1.2-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Окуу куралдары көп максаттуу багытта колдонуу үчүн кайра жаңыртылып, өзгөртүлүп түзүлдү.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Окуу куралдарын (ОК) ар кандай программада иш алып барган мугалимдер колдонот: | Мугалимдердин катышуусунда бирнече жолу окуу планды кайра жаңыртып түзүү семинарлары өткөрүлдү; |
| | Окуу куралдарынын толук жыйнагы Проект менен кызматташкан бардык КОЖдорго таркатылды; |
| | Окуу куралдары орус тилинде басылып чыгарылып, Чүй облусунун КОЖдоруна таркатылды. |
| ОКлар ыңгайланыштырылып, кайрадан өзгөртүлүп түзүлдү: | Ооба, өзгөртүп түзүү семинарлары аркылуу аткарылды; |
| | Карван КОЖу үчүн окуу куралдары концепцияга ылайык жыйнакталды. |
| Бардык окуу жайлардын китепканаларында ОКлардын толук жыйнагы колдо бар: | Аткарылды. Нарын облусундагы жана Каравандагы КОЖдордо; |
| | Караван КОЖунун мугалимдери менен студенттери окууга катышып, жаңы окуу куралдарын кантип пайдалануу керектигин үйрөнүп чыгышты. |

Процесс

Башында бир семестрдик теманы камтуу үчүн иштелип чыгарылган окуу куралдары предметтик негизде чогултулуп, спецификалык тематиканын бардык аспекттерин камтуучу бир китеп катары бириктирилди. Аталган окуу куралдарыны толук жыйнагы катуу мукабада басылып чыгарылды жана окуу жайлардын китепканаларына таркатылды. Бул басылмалар акыркы версия катары эсептелинет, себеби Проект «фермер» жана фермер айым» курстары боюнча окуу куралдарын кайрадан өзгөртүп түзүү жана басып чыгарууну токтотот. Нарын облусунун КОЖдору фермер жана фермер айым курстары боюнча эки группанын студенттери үчүн жетишээрлик сандагы окуу куралдарын алышты.

Чүй жана Ысыккөл облустарынын кесиптик окуу жайлары үчүн окуу куралдары жаңыртылып, өзгөртүлүп түзүлгөндөн кийин, алар да жаңы окуу куралдарын алышты. Китепканалар окуу куралдарынын (16 аталыштагы) толук жыйнагы менен камсыздалды. Ага кошумча, Чүй облусунун проект менен кызматташууну жаңы баштаган (Беловодск жана Сокулук) кесиптик окуу жайлары орус тилиндеги (17 аталыштагы) окуу куралдарын алышты, себеби аталган КОЖдор «ишкер фермер» курсун башынан эле орус тилинде ачышкан.

Баткенге көз чаптыруу

*2.1-КН: Бүтүрүүчүлөр айылдык кеңешчи болуп иштөө үчүн жетиштүү кесиптик билимге жана шык-жөндөмдөргө ээ.*

*4-негизги окуя: Бүтүрүүчүлөрдүн 60% айылдык кеңешчи болуп иштөөгө жөндөмдүү: студенттердин 100% ГТЦ тарабынан позитивдүү баага татыктуу болду.*

*5-негизги окуя: 6-семестрдин бардык окуу куралдары китепканада бар: ОКлардын баары жеткирилип берилди.*

Январь айында студенттер шакирттик практикадан кайтып келишип, 6-семестрлик окуусун улантышты. 6-семестр окуу куралдарынын жыйнагы жана сабактарды өткөрүүгө керектүү инвестициялык жабдыктар менен толук камсыздалды. Айылчарбалык маселелери багытындагы кеңешчилик методикасы боюнча окуу куралды түзүүдө келишим менен ишке тартылган авторлор ОКнын болжолдуу версиясын тапшырышты да, студенттер үчүн окууларды өтүштү. Окуулар ОКнын бөлүктөрүнө жараша жана төмөнкүдөй графикте өткөрүлдү:

| Модераторлук жана Фасилитация 7 күн | | Айылчарбалык кеңешчилик методикасы 6 күн | Биргелешип технологияны өнүктүрүү 4 күн |
|---|---|---|---|
| 4 күндүк теория | 3 күндүк практика | теория ж-а практика | теория |
| 22-28-январь | | 19-24-февраль | 20-23-март |
| Ситуациялык практика (симуляция): май айында 4 күн | | | |

Окуу жайдын алгачкы бүтүрүүчүлөрү окуусун ушул жайда гана бүтүргөндүгүнө байланыштуу, бүтүрүүчүлөрдүн келечек жумуш ордун табышы боюнча атайын изилдөө анализи жүргүзүлгөн жок. Бирок окуунун аягындагы баалоо абдан позитивдүү жыйынтыктарды көрсөттү, анда бардык студенттер окуу жайы жана ГТЦ тарабынан өз-өзүнчө өткөрүлгөн эки экзамен учурунда жыйынтыктоо баалоо ийгиликтүү жолдо тапшырышты.

### 3.1.3. Окуу жайдын иш аткаруусу

*ЖИПтин 1.3-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Көпчүлүк мугалимдердин иш аткаруусу тематикалык жактан да, методикалык жактан да канааттандыраарлык жана КОЖ администрациялары окуу жайлардын ишин профессионалдык деңгээлде уюштуруп, башкарып жатат.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча минимум 28 күн: | Жарым-жартылай аткарылды, методология боюнча ресурстук эксперттер (убакыт) жоктугуна байланыштуу 12 гана мониторинг күнү жүргүзүлдү. |
| Бардык окуу жайларда окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү жана тренинг муктаждыктарын баалоо (ТМБ) өткөрүлдү: | Штаттык кызматкерлердин тез-тез алмашуусунан улам, дагы эле окуу өткөрүү муктаждыгы калды; Мониторингдин жыйынтыктары менен анда берилген сунуштар окуу программасында чагылдырылды. |
| Тренинг программасы иштелип чыгарылды: | Нарын, Баткен, Ысыккөл жана Чүй облустары үчүн бир жайкы жана бир кышкы окуу программасы иштелип чыгылды. |
| II ОМКП курсуна көзөмөл жүргүзүлдү: | Караван КОЖу үчүн окуу жайды өнүктүрүү планы иштелип чыгарылып, коомчулуктун көңүлүнө тартууланды. |
| Студенттик талаа мектебинин ишинин концепциясы иштелип чыгылды: | СТМ иши боюнча концепциялык документ КОЖдор тарабынан жактырылып, бекитилди; Картошка өстүрүү боюнча СТМден финансылоо жана иш аткаруу боюнча беш сунуш келип түштү; Алты СТМдин катышуучуларынын 59% өз окууларын ийгиликтүү түрдө аякташты. |

Процесс

Окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүүнүн негизинде тренинг муктаждыктарын баалоо регулярдуу түрдө өткөрүлүп турду, мониторинг учурунда мугалимдер менен окуу жайлардын күтүүлөрү жана окууга болгон муктаждыктары аныкталды. Эң аз дегенде 28 мониторинг күнүн өткөрүү пландалган болсо, ресурстук эксперттер (убакыт) жоктугуна байланыштуу 12 гана мониторинг күнү жүргүзүлдү. Ага карабастан, Проект келерки жылы үч жолку (январь, апрель жана ноябрь) мониторинг сессиясын өткөрүүнү пландап жатат. Мониторингдин жыйынтыктары сапаттуу билим берүүдө суроо-талапты тематикасы жана окуу боюнча туура чагылдыруу үчүн тренинг программаларын жакшыраак жолдо иштеп чыгууга жардам берет. Жыйынтыктардын негизинде КОЖдордун мугалимдери жана мастерлери үчүн эки тренинг программасы түзүлүп, аталган программаларга ылайык окуулар өткөрүлдү. Тренинг программалары Нарын, Баткен, Ысыккөл жана Чүй облустарынын бардык КОЖдору жана анда иштеген муглимдер менен мастерлер үчүн ачык. Нарын жана Баткен облустарынын мугалимдери Ысыккөл жана Чүй облустарынын КОЖдору үчүн уюштурулган жалпы тренингдерине катышууга мүмкүнчүлүк алышты.

Нарын жана Баткен облустары үчүн өткөрүлгөн Окуу жай менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу программасына (ОМКП) көзөмөл жүргүзүү катары окууга катышкандардын КОЖдун ишин жакшыртуу багытындагы өздүк иш планын түзүүсү пландалган. Бирок Проект тарабынан көтөрүлгөн бул идея өтө эле амбициялуу ой болуп калды окшойт,, себеби иш пландар абдан начар сапатта түзүлүп, даана аныкталган максаттарга жана идеяларга ээ эмес болуп чыкты. АКП тарабынан жалгыз гана Баткен КОЖу үчүн түзүлгөн окуу жайды өнүктүрүү планы иш жүзүнө ашырылды.

Нарын облусунун кесиптик окуу жайлары формалдык билим берүүнүн алкагында Студенттик талаа мектептерин ишке ашырууда позитивдүү тажрыйба топтоду. 2005-2006-жылдардагыдай эле, СТМ концепциясы өзүнүн мугалимдер менен стеуденттер үчүн жакшы практика экендигин далилдеди. Бул концепцияны жүзөгө ашыруу боюнча өткөн жылдарда жетиштүү тажрыйба топтолгондуктан, СТМге тартылган тажрыйбалуу мугалимдер студенттер менен биргеликте чакан компетенция борборлору катары коомдук бирикмелерди түзүүсү жана концепцияны жүзөгө ашырууну мындан ары да улантуусу планда каралган. Ошондуктан, Проект коомдук бирикмелердин өздөрү түзгөн баштапкы пландарын аткаруусуна колдоо көрсөтүүнү чечти жана студенттик топтордон финансылоо жана иш аткаруу боюнча сунуштарды берүүсүн суранды. Азырынча келип түшкөн беш сунуштун ичинен бирөөсү өтпөй калды, себеби ал каттоодон өтүү боюнча өзү аткара турган иш боюнча талап кылынган шартты аткарган эмес, ал эми калган төрт сунуш жактырылды. Төрт топ Проекттин жардамын алуу менен өздүк пландарын жана бюджеттерин иштеп чыгышты. Алардын иш планын жүзөгө ашырууда аталган топтор үчүн төрт окуу өтүп берүүсүн сурап, Проект КОБ менен келишим түздү. Планда каралган үч мониторинг визитинин ордуна, Проект убакыттын тардыгына байланыштуу эки гана (май жана июль) визит өткөрдү. Мониторингдин жыйынтыгы катышуучулардын окуунун сапаты жана пландарды аткаруу боюнча канааттангандыгын көрсөттү.

Картошка өстүрүү боюнча СТМге кошумча, Проект Кыргызстан үчүн жаңылык болгон малчарбачылык багыты боюнча СТМ проектин пландап, ишке киргизди. Пландардын негизинде концепция иштелип чыгылды жана Нарын облусунун КОЖдоруна тартууланды, ал эми окуу жайлар ал концепцияны өздөрүнө ылайыкташтырып жана бекитип беришти. Бул иш АКПнын мурунку стажеру Барбара Виллендин колдоо көрсөтүүсү астында аткарылды, ал бардык маселелер боюнча жетекчиликти мойнуна алды. Концепцияга ылайык колдонмо иштелип чыкмакчы жана окуулар менен эксперименттердин сериясын жүргүзүү да ишке ашырылат. Тренерлерди окутуу борбору (ТОБ) Атбашы КОЖунун имаратында жайгашты. Баштапкы окууларды өткөрүү жана тренер-мугалимдер менен эксперименттерди иш жүзүндө аткаруу максатында окуу жайдан жана жергиликтүү Айылдык кеңеш кызматынан (АКК) эки ресурстук жана окутуучу адистер келишимдик негизде ишке тартылды. Эксперименттин темасы «кой-эчкини тоюттандыруу жана ветеринардык тейлөөнү ишке ашыруу», ал эми ТОБдун экспериментине тартылган тренер-мугалимдердин саны сегиз болду. ТОБдо окуу жайлардын келген сегиз тренер үчүн жалпысынан беш тренинг өткөрүлдү. Андан кийин аталган тренерлер Нарын облусунун АКП менен кызматташкан алты өнөктөш окуу жайынын ар биринде Студенттик талаа мектебин уюштурушту да, жалпы саны 64кө жеткен студентке кой менен эчкини тоюттандыруу жана ветеринардык тейлөөнү уюштурууну практикалык жолдо үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн түзүп беришти. Окуу жайлар өз кезегинде эксперимент үчүн малды камсыздап берип, салым кошушту. 38 студент жыйынтык экзаменди ийгиликтүү тапшырып, күбөлүктүрдү алышты. Ага кошумча, СТМдин ишин баалоо өткөрүлдү, анда төрт окуу жайы 2008-жылы СТМдин ишин улантууга кызыгуусун билдиришти.

<u>Баткенге көз чаптыруу</u>

*1.2-КН: Окуу жай администрациясы билим берүү процессин натыйжалуу жана эффективдүү жолдо уюштуруп аткарды.*

*3-негизги окуя: Окуу жайды өнүктүрүү стратегиясы бардык штаттык кызматкерлердин арасында түшүндүрүлдү: кызматкерлер бул процесске тартылды жана ишти өнүктүрүү стратегиясына жогорку баа беришти.*

Былтыркы жылы өзү кабыл алган милдеттенменин жана окуу жайды өнүктүрүү планын түзүүнүн башталышынын негизинде, быйыл окуу жай өздүк өнүгүүсүнүн стратегиясын жыйынтыктап, окуу жайдын кызматкерлерине жана ГТЦга тартуулады. Стратегиялык документ киреше булактарын, адам ресурстарын натыйжалуу башкарууну, билим берүүнүн негизги багыттарын жана алардын маркетингин, ошондой эле уставды, жылдык иш планды жана кызматкерлердин укуктары менен милдеттерин камтыйт. Катышуучулардын (окуу жайдын кызматкерлери, ГТЦ жана АКП) ой-пикирлери позитивдүү болду, бирок окуу жайы үчүн азыр деле планды (айрыкча ГТЦнын келечек колдоосусуз) ишке ашыруу кыйын милдет бойдон калууда.

### 3.1.4. Билим берүүнүн практикалык багыты

*ЖИПтин 1.4-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Практикалык сабактар, проект иштери, шакирттик практика минималдык талаптардын деңгээлинде жүргүзүлүп жатат.***

| <u>Индикаторлор</u> | <u>Натыйжалар</u> |
|---|---|
| Баткендин фермерлери менен студенттери шакирттик системанын (ШС) талаптарын билишет: | Жаңы тартылган жана мурдатан бери иштеп келе жаткан машыктыруучулар үчүн шакирттик практика боюнча окуулар өткөрүлдү. |
| Баткенде практика учурунда шакирттерди кабыл алууга даяр фермерлердин саны жетиштүү: | Машыктыруучу фермерлердин каталогу жаңыртылды. |
| Нарында ШС мониторинг жүргүзүүдө ОМБ жетекчиликти мойнуна алган: | Нарын облусунда ШСга эки жолу мониторинг жүргүзүү боюнча Нарын ОМБ менен мандаттык келишим түзүлдү. |
| ШС боюнча жөнөкөй тилде жазылган колдонмо иштелип чыгылды: | Китепче катары басылып чыгарылып, бардык он бир КОЖго таркатылды. |
| Кайтарымдуу фонду ийгиликтүү жолдо ачылды жана иш алып барууда: | Аткарылды, бирөө Акталаада, экинчиси Атбашыда. |
| Сегиз КОЖдун эң аз дегенде бешөөндө контракттык, же акы төлөп окуучу курстар ачылып, иштеп жатат: | Бир гана окуу жай окуу акысын төлөөнү киргизген, эки КОЖ киргизүүгө убадаларын беришсе, калган экөөсү аны аткара алган эмес. |
| Студенттер менен окуу жайлар кредит берүүнүн талаптарын билишет: | «Компаньондун» презентациялары тартууланды. |
| Бүтүрүүчүлөрдүн келечекте жумушка тартылышын изилдөө анализи учурунда бүтүрүүчүлөрдүн 65% кыдырылып каралды: | Кечиктирилип жатат, азыркы учурда аткарылууда жана 2008-жылдын январында анализ даярдалат. |

Процесс

Нарын облусундагы КОЖдор менен биргеликте иштелип чыккан шакирттик практика системасы сыяктуу негизги инновацияларды сактап калуу максатында Проект окуу жайлар менен кесиптик билим берүү бийлик органдарынын арасында азыркы күндө деле лобирлөөнү токтоткон жок. Андан башка алдыда турган бир кыйынчылык - окуу жайларда чарбаларга регулярдуу түрдө визиттер менен барып, мониторинг жүргүзүү үчүн финансылык мүмкүнчүлүктүн жана организациялык структуранын жетишсиздиги. Ошого карабастан, Проект мониторинг жүргүзүүнү ал жерде тиешелүү жетекчиликти туруктуу негизде үйрөтүү аркылуу акырындык менен ОМБга өткөрүп берүүнү чечти. Жетекчилик кылуу деген окуу жайларга системанын бул бөлүгүн ишке ашырууда ой-пикирлери менен сунуштарын берүү аркылуу машыктыруу жана жардам көрсөтүүнү да түшүндүрөт. мандаттык тапшырмага ылайык ОМБ эки жолку мониторингди өткөрүп, отчетторун даярдады жана аларды визит жасалган окуу жайларга таркатты. Жалпы мониторингдин жыйынтыктары бардык окуу жайлар студенттерин шакирттик практикага жөнөтүп жаткандыгын жана студенттердин көпчүлүгү шакирттик практиканы өтүүсүнүн далили катары өздөрүнүн эмес, башка чарбаларды тандап алгандыгын көрсөттү. Ага карабастан, азыркы күндө кезигип жаткан кемчиликтер көпчүлүк учурларда студенттердин тез-тезден чарбада жок болушу жана каражаттардын жетишсиздигинен улам окуу жайлардын чарбага визит жасоо мүмкүнчүлүгүнүн күндөн-күнгө кыскарып баратышы болууда. Проекттин шакирттик практика системасына байланышкан дагы бир иши - бардык маселелерин толук камтыган шакирттик практика боюнча машыктыруучу фермерлердин, студенттердин жана окуу жайдын машыктыруучуларынын окуу пландарына негизделген китепчени жазуу. Китепче аталган системаны сүрөттөп жана жөнөкөй тилде шакирттик практиканын окуу планын, машыктыруучу фермерлердин, студенттер менен окуу жайдын машыктыруучуларынын ролдорун жана функцияларын түшүндүрүп берет. Иштелип чыгарылган китепче окуу жайларга тартууланып, бардык он бир КОЖго таркатылды.

Мисереордун колдоосу менен Проект машыктыруучу фермерлер үчүн кайтарымдуу фондун түзүү жана жардам көрсөтүү боюнча пилоттук проектти аткарып жатат. Азырынча мындай фонддор Акталаа жана Атбашы КОЖдорунда эле ачылды. Мындай кайтарымдуу-фонддорунун максаты - машыктыруучу фермерлерге шакирттик практиканы өткөрүүгө байланышкан иштер үчүн жөн гана грант берүүнүн ордуна, финансылык туруктуулукту камсыз кылуу максатында кредит берүү. Кредит чарбада билим берүүнү жакшыртуу үчүн берилет, мында топтук кепилдик принциби колдонулат. Бул ишти аткаруунун алгачкы кадамдарынын бири - машыктыруучу фермерлер жана окуу жайлар менен чогу устав менен бюджетти биргелешип түзүү. Кайтарымдуу системасы жөнүндө тереңирээк маалымат алуу максатында, эки фонд тең расмий каттоодон өткөн соң окуу жайлардын машыктыруучуларынын тобу үчүн окуп-үйрөнүү туру уюштурулду да, алар өз регионундагы башка эки кайтарымдуу фондуна визит менен барып келишти. Натыйжада фонддордун ар биринде менеджер шайланып, фонддун мүчөлөрү ички документация системасын, жоболорун, процедуралары менен эрежелерин иштеп чыгышты. Машыктыруучу фермерлер фонд түзүүнүн баштапкы процессинде активдүү түрдө жардам бергенин айта кетүү зарыл. Фонддор иштөөгө даяр болоору менен машыктыруучу фермерлер өз арыздары менен кайрыла башташты, 30 арыздын ичинен 20 арыз берүүчү тандалып алынып, аларга 3000 евро өлчөмүндөгү кредитти берүү чечими кабыл алынды жана кредиттик каражат таркатылды. Окуу жайы менен эки жылдан ашык кызматташып келе жаткан фермерлер тандоо процессинде артыкчылыкка ээ болду. Азырынча Проект бир жолу гана мониторинг жүргүздү, анын жыйынтыгы каражаттар тиешелүү жолдо иштетилип, ал эми иштер пландарга ылайык аткарылып жаткандыгын көрсөттү.

Окуу жайлар билим берүү үчүн акы төлөөнү киргизүүнү талап кылган II фазадагы иштердин деталдары менен өзгөрүүлөрү жөнүндө кабардар. Бардык өнөктөштөр чогу каржылоо окутуунун сапатын (негизинен билим берүүнүн практикалык бөлүгүн каржылоо аркылуу) тиешелүү деңгээлде кармап турууга мүмкүнчүлүк берерин түшүнүшөт. Окуу жайлардын муну аткарууга даяр экендигине жана Проект тарабынан машыктырып, колдоо көрсөтүү камсыздалгандыгына карабастан, бул иште жылыш болгон жок. Натыйжада жалгыз гана Кочкор КОЖу окуу акысын киргизе алды, ал эми Куланак жана Оттук КОЖдору аткаруунун

үстүндө жана жакында бүтөөрү жөнүндө убада берип жатышса, калган эки окуу жайы өз милдеттенмелерин аткара албай калды. Ошондуктан, Проекттин талаптарына жооп бере алган жалгыз гана бир окуу жайы инвестициялык колдоо алууга жетишти. Бул мисал окуу жайлар үчүн өзүнүн негизги ишинин негизинде кирешесин арттыруу багытындагы мамлекеттик жоболорду аткаруусу канчалык кыйынчылыкка тураарын көрсөттү.

Проект ийгиликтүү түрдө Ысыккөл жана Чүй облустарында «Компаньон» аттуу жергиликтүү кредит компаниясы менен кызматташууда, ал жакта ишкер фермер курсунун студенттери аталган компаниянын арзан кредиттерине жетүү мүмкүнчүлүгүн алышкан. «Компаньон» менен кызматташуунун жалпы алкагында Проект Атбашы жана Акталаа райондорунун мурдакы кредиттик уюмдарынын булактарынан каражат алып, фермер, фермер айым кесиби боюнча окуп жаткан студенттерге кредит берүүгө жетишти. Азыркы учурда жетишилген результаттар позитивдүү жана «Компаньондун» регионалдык офиси КОЖдор менен квартал сайын чогулуш өткөрүүдө. «Компаньон» менен кызматташуу абдан үзүрлүү болууда, ошондуктан бул келечекте кредит пакетин таркатууну жайылтуунун бир мүмкүнчүлүгү катары саналышы мүмкүн.

Планда каралган бүтүрүүчүлөрдүн келечекте жумуш табышын изилөө анализин жүргүзүү убакыттын тардыгынан улам кечиктирилип жатат, ал 2007-жылдын декабрында жана 2008-жылдын январ айларында өткөрүлмөкчү. Ошол убакта проект анализ менен процесстин жыйынтыктарын даярдап бүтөт.

Баткенге көз чаптыруу

*2.2-КН: Баткен облусунда көп сандагы тажрыйбалуу жана чарбачылыгын ийгиликтүү жолдо жүргүзөн айылдык кеңешчилер бар жана алар өз чарбаларына шакирттерди (үйрөнчүктөрдү) кабыл алууга даяр.*

*2.3-КН: Айылдык жана айыл чарба кесипчилик билим берүү системасынан окуп чыккан бүтүрүүчүлөр өз жергелериндеги айыл чарбалык кызматтар менен тыгыз байланышта.*

*7-негизги окуя: Өз чарбаларында шакирттерди кабыл алууга даяр көп сандагы тажрыйбалуу фермерлер бар: бардык студенттердин шакирттик практикага бара турган жайлары бар; машыктыруучу фермерлер боюнча маалымат базасы түзүлдү жана жаңыртылды.*

Караван окуу жайы шакирттик практика система боюнча бир жылдык тажрыйба топтоду, ал отчеттук жыл ичинде Проект менен бирге 28 машыктыруучу фермерди экинчи жолу окуудан өткөрдү. Чарба жүргүзүү боюнча окуп, билим алып жаткан студенттердин жаңы тобу Ноокат сыяктуу түштүктөгү жаңыдан кызматташууга тартылган райондон болгондуктан, фермерлер боюнча каталог өзгөртүлүп түзүлдү жана жаңыртылды. Былтыркы жылдан айырмаланып, бул жолу студенттерди облустун бардык тараптарына жибербестен, негизинен окуу жайдын тегерегине эле бөлүндү, себеби студенттердин көпчүлүгү жергиликтүү тургундар жана алыскы айылдардан келген эмес. Жазгы мониторинг машыктыруучулар менен биргеликте аткарылды, мындагы жыйынтыктар студенттердин зор кызыгуусу менен фермерлердин студенттерге айлык акы төлөөгө даярдыгын көрсөттү. Бирок кайбир студенттердин үй-бүлөлөрү өздөрүнүн кенже балдарын башка бирөөнүн чарбасына жиберүүнү каалабагандыгы жана окуу жайы тарабынан шакирттик практикага начар координация жүргүзүлгөндүгүн да билдирди.

1-таблица: Шакирттик практика системасына тартылган машыктыруучу фермерлердин жана студенттердин саны

| № | КОЖ | Машыктыруучу фермерлер | Студенттер | 31.12.07 чейин өткөрүлгөн тажрыйба алмашуу күндөрү (ТАК) | ТАКка катышкан фермерлердин саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Оттук | 21 | 40 | 11 | 15 |
| 2 | Кочкор | 21 | 45 | 17 | 19 |
| 3 | Чаек | 6 | 18 | 6 | 6 |
| 4 | Акталаа | 19 | 38 | 19 | 15 |
| 5 | Атбашы | 16 | 48 | 16 | 15 |
| 6 | Куланак | 12 | 20 | 13 | 10 |
| 7 | Караван | 28 | 30 | 17 | 17 |
| 8 | Каракол | 17 | 25 | 13 | 15 |
| 9 | Бөкөнбаев | 4 | 12 | 9 | 9 |
| 10 | Ананьево | 3 | 12 | 7 | 5 |
| 11 | Кемин | 4 | 12 | 8 | 8 |
| ***Жалпы*** | | ***151*** | ***300*** | ***136*** | ***134*** |

## 3.2. Адаптация жана окутуунун башкарылышы

*2-максатка тиешелүү:* ***Жаш жана потенциалдуу фермерлердин айылдык ишкер болуп чыгуусу үчүн окутуп-үйрөтүүнү көздөп, окуунун модулдук программасын жүзөгө ашырууда биргелешип каржылоо механизимдерин ишке киргизүү максатында, жергиликтүү менчикке таандык болгон уюмду түзүү демилгеси көтөрүлүп чыгылды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| 1-2 кесиптик окуу жайы жергиликтүү финансылык каржылоо механизмине ээ: | Тандалып алынган башка эки өнөктөш окуу жай окутуунун жергиликтүү фондун түзүү боюнча демилгени ийгиликтүү түрдө көтөрүп чыгышты. Фонддор каттоодон өтүп, ишкер фермер кесибине окутуу курсуна каражат топтоо иретинде фандрайзинг жана рекламалык маалымат иштерин жүргүздү. |

### 3.2.1. Өнөктөштөрдү тандоо

*ЖИПтин 2.1-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Өнөктөш окуу жайлар проектке катышуу боюнча берилген арыздардын негизинде тандалды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Чүй облусунун батышында жайгашкан КОЖдор үчүн презентация тартууланды: | Ооба: төрт КОЖ презентацияга катышты. |
| Окуу жайлардын арыздары жана визиттер: | Бардык төрт окуу жай арыз менен кайрылышты жана проект ал окуу жайларга барып, көрүп келди. |
| Талаптарга жооп бериши жана минимум эки КОЖ тандалып алынды: | Үч КОЖ талаптарга жооп бере аларлык, бирок бир окуу жайы кызматташууга даяр эмес. |
| Тандоо процесси кайра каралып, жаңыртылып түзүлдү: | Жаңыртуунун зарылдыгы жок |

Процесс

Алгачкы жылы абдан шыктандыруучу натыйжаларга жетишкен жаңы модулдук окуу программасына биргелешкен каржылоону табууга көмөктөшүү үчүн Проект өз ишин жергиликтүү калктын экономикалык потенциалы жогорураак болгон Чүй облусунун батыш тарабында жайгашкан райондорго да жайылтууну чечти. Батыш Чүйдөгү төрт айылчарбачылык кесиптик окуу жайы презентацияга чакырылып, Проекттин максаты жана окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышынын концепциясы жөнүндө маалымат алышты. Презентация учурунда окуу жайлар проекттин максаты, аткарган иштери боюнча толук кабардар болушуп, суроолорун беришти, ал эми сунушталып жаткан тандоо процедуралар, анын деталдары даана түшүндүрүлдү. Презентациядан кийин КОЖдордон арыз менен кайрылуу жана талаптарды аткаруу суралды. Арыз берген төрт КОЖго визит жасалып, алардын проекттин талаптарына жооп бериши текшерилди. Тандоо боюнча талаптар былтыркы жылдагыдай бойдон эле калды: профессионалдык менеджмент, педагогикалык штаттын компетенциясы, КОЖдун көлөмү, окуу жайдын кардарларга ыңгайлуу жерде жайгашканы, инфраструктурасынын абалы, финансылык перспективасы, жергиликтүү спонсорлордун көңүлүн өзүнө тарта алуу потенциалы, окуу планды жана жаңы каржылоо ишыкмаларын иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө болгон мотивациясы жана кызыгуусу ж.б. болду. Төрт КОЖдун үчөөсү талаптарды аткарды, бирок бир окуу жайы өзүнүн ичкери проблемаларынын негизинде проект менен иштөөдөн баш тартып, арызын кайра чакырып алды. Кийинчерээк тандалып алынган окуу жайлардын жалпы штатына окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылыш концепциясы жана пландалып жаткан курс боюнча билим берүү схемасы деталдуу түрдө тааныштырылды.

Окутуунун жаңы модулун пилоттук иш катары аткаруунун алгачкы эки жылында топтолгон тажрыйба келечекте аталган концепция менен тандоо процессине белгилүү бир өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл экендигин көрсөттү. Жалпысынан алганда, тандоо процесси жаңы уюмдарды түзгөндүн ордуна, көбүнесе азыркы учурда иштеп жаткан ӨЭУлар менен кызматташууга карай өзгөрүлөт. себеби жаңы органдарды жана алардын полномочиелерин түзүү, фандрайзинг функциясын сырткаркы органга ыйгарып берүүгө жана окутууга мониторинг жүргүзүүнү мурдатан бери иштеп жаткан уюмдарга тапшырууга караганда, көбүрөөк күч-аракеттер менен каражаттарды талап кылат экен. Проекттин ишыкмасын өзгөртүүнү талап кылган өбөлгө төмөндө бул отчеттун башка бөлүктөрүндө сүрөттөлөт.

Ишти натыйжалуу жолдо аткарууга көмөктөшүү жана 2-максатта айтылгандай кызматкерлердин өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзүп берүү максатында, мурда коомдук байланыштарга жооптуу адис жана ассистент катары иштеген бир кызматкер экинчи жаамат фасилитатордун кызмат ордуна жылдырылып, АКПнын Балыкчы шаарындагы офисине жайгаштырылды.

### 3.2.2. Жергиликтүү тренинг фонддору

*ЖИПтин 2.2-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Окуу жайлар жергиликтүү тренинг фонддорун түзүү демилгесин ийгиликтүү түрдө көтөрүп чыгышты.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Потенциалдуу мүчөлөр аныкталып чыкты: | Эки жолу фонддун негиздөөчүлөрүнүн чогулушу 133 фермердин жана жергиликтүү жаамат мүчөлөрүнүн катышуусу менен өткөрүлдү. |
| Зарыл болгон окуулар камсыздалып, өткөрүлдү: | Аткарылды, окуу жайларда жергиликтүү тренинг фонддун демилгесин көтөрүп чыгуу жана аларды түзүү боюнча окуулар өткөрүлдү. |
| Минимум эки жергиликтүү тренинг фонду түзүлүп, каттоодон өттү: | Аткарылды, эки жергиликтүү тренинг фонду түзүлүп, юридикалык каттоодон өттү. |
| Аткаруучу директорлор менен келишимдер түзүлдү: | Эки директор тандалып алынды жана ЖК тарабынан келшимдик негизде ишке тартылды. |

Процесс

Өнөктөш окуу жайларды тандап алган соң, Проект жергиликтүү тренинг фонддорун түзүү жана көмөктөшүүнүн баштапкы кадамдары катары тез арада КОЖдордун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу ишин баштады. Бул ишти айыл өкмөттөрүнөн, мекемелерден, кооперативдерден, оокаттуу фермерлерден, ж.б. жергиликтүү тренинг фондуна потенциалдык мүчөлөрдү кызыктырып тартуу максатында коомчулуктун арасында түшүндүрүү үчүн КОЖ камтыган аймакта маалымат кампаниясын жүргүзүү сыяктуу алгачкы кадамдарды иш процессинде негизги күч болгон атайын жумушчу топтун жардамы менен аткарды. Эки окуу жайында тең негиздөөчүлөрдүн чогулушу жакшы уюшкандыкта, бардыгы 133 адамдын катышуусу астында өттү, анда өздөрүнүн жетектөөчү кеңешин түзүү жана анын мүчөлөрүн шайлоо боюнча чогулуш мүчөлөрүнүн расмий чечими кабыл алынды. Эки фонддун уставын бекиткенден кийин, ар бир КОЖ боюнча тренинг фонддун аткаруучу директорунун кызмат ордуна жарыя берилди. Фонддордун ар бири өзүнүн тренинг фондунун аткаруучу директорун тандап алып, тандалган адамдар менен тиешелүү кызмат келишимдерин түзүп, кол коюшту. Аткаруучу директордун алгачкы тапшырмаларынын бири өз ӨЭУсун юридикалык каттоодон өткөрүү болду. Фонддун аталышы өзгөрүүсүз мурункудай эле кыргыз тилинде «КОЖО» аттуу аталышта калды, чечилиши «Кесиптик окуунун жергиликтүү органы» болуп саналат.

Эки фонддун, атап айтканда Ананьево менен Сокулуктун, аткаруучу директорлору үй-бүлөлүк себептердин негизинде күзүндө жумуштан кетип, ордун бошотушту. Кайрадан тренинг фонддун аткаруучу директорунун кызмат ордуна жергиликтүү массалык-маалымат каражаттарын аркылуу жарыя берилип, ар бири фонддун жетектөөчү кеңештери жаңы аткаруучу директорун тандап алышты. «КОЖО - Ананьевонун» аткаруучу директору жетектөөчү кеңештин мурдагы мүчөсү, ал эми «КОЖО - Сокулуктун» аткаруучу директору Чүй облусундагы ӨЭУнун жетекчиси болуп иштеген адамдар экен. Ишти өткөрүп берүү процесси тиешелүү жолдо өтүп, жаңы алынган кызматчылар жумуш менен таанышышты.

### 3.2.3. Окууларды уюштуруп, өткөрүү механизми

*ЖИПтин 2.3- күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Жергиликтүү тренинг фонд (КОЖО) биргелешип каржылоо келишимдеринин негизинде окууларды уюштуруп, өткөрүү үчүн окуу жайлар менен контракт түздү.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Чогулушта «КОЖОнун» отчету жактырылып, бекитилди: | Төрт чогулуш өткөрүлүп, отчеттор бекитилди.<br>Аткарылды: аткаруучу директорлор жана жетектөөчү кенештин мүчөлөрү ишти баштоо боюнча өтүлгөн окууларга катышты |
| ЖК «КОЖОнун» ишин канааттандырарлык деп таап, ага карата жылуу ой-пикирин айтты: | ЖКнын кварталдык чогулуштары өткөрүлдү. |
| Аткаруучу директорлордун арасында тажрыйба алмашуу өткөрүлдү: | Аткаруучу директорлордун айлык чогулуштары |
| Тренинг муктаждыктары каралды: | Жаңы кабыл алынган аткаруучу директорлор бардык «КОЖОлор» үчүн сунушталган баштапкы, айрыкча фандрайзинг, эсеп-кысап жүргүзүү жана бухгалтерия темасындагы окутуу жана машыктыруу боюнча окууларга тартылды. |
| «КОЖО» финансылоонун 14-20% минималдык келишимдик чегине жетти: | Проект акча каражатын ар бир жолу которгон сайын гранттык келишим түзүп турду. |
| «КОЖО» менен окуу жайдын ортосундагы окууларды уюштуруп, өткөрүү боюнча контракттык иш аткарылды: | 2007-2009-жж. курсу үчүн төрт жаңы контрактка кол коюлду, себеби төрт гана КОЖ жаңы класстарды ачып окута башташты. |
| Жергиликтүү кызыккан тараптар «КОЖОнун» функциялары жөнүндө кабардар жана аны менен кызматташууга даярдыгын билдиришти: | Коомдук байланыш иштери аткарылуунун үстүндө. |

Процесс

Төрт «КОЖО» өзүнүн жылдык чогулуштарын өткөрүштү, анда мүчөлөр «КОЖОлордун» жылдык иш отчетторун жана быйылкы жылдын иш пландарын бекитишти. Башында чогулуштарды айылдык калктын убактысы көбүрөөк бар болгон кыш мезгилинде өткөрүү пландалган, бирок «КОЖОлор» менен окуу жайлар аны өз убагында аткарууга үлгүрбөй калышты, анткени алар жаңы группаларды ишке киргизип, баштоонун үстүндө иштеп, колу бошбой калды да, чогулуштарды жылдын II кварталында өткөрүштү. Балким, чогулуштарды кыш мезгилинде өткөрүү идеясы туурадыр, себеби чогулушка катышкандардын саны аз болуп калды. Проект тарабынан сунушталган башка бир ой - чогулуштарды КОЖдогу регулярдуу өткөрүлчү демонстрация күндөрү менен бирге өткөрүү. 2008-жылы «КОЖО» бул сунушту сынактан өткөрүп көрөт.

**1-диаграмма:** 2007-жылы «КОЖОнун» чогулуштарына катышкандардын саны




| | Ананьево | Беловодск | Боконбаев | Каракол | Кемин | Сокулук |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучулар | 40 | 63 | 97 | 77 | 78 | 70 |

Алты «КОЖОнун» ар биринин Жетектөөчү кенештери өз чогулуштарын өткөрүүдө активдүүлүктү көрсөтүштү. Алар ар бир квартал сайын чогулуш чакырып, аткаруучу директорлордун жарым жылдык отчетторун талкуулашты жана бюджеттерин бекитишти. Бардык кызыккан тараптар үчүн чечилбей калган дагы бир кыйынчылык Жетектөөчү кеңештердин полномочиеси, алардын өз алдынча иш уюштуруусу жана графиктерди түзүүсү болду. Себеби жетекчилик азырынча аткаруучу директор менен Проекттин мойнуна жүктөлгөн. Ишти түшүнүүсү жана өзгөртүүлөрдү киргизүүдө ишенимдүү кадам шилтеши үчүн Проект жетектөөчү кеңешти өз иштерине көбүрөөк тартууга аракеттенүүдө. Жетектөөчү кеңештердин мүчөлөрүн өз функциялары менен ролдорун жакшы билип, «КОЖОнун» ээси жана жергиликтүү жамааттын өкүлү катары иш алып баруусуна жетишүү үчүн жетектөөчү кеңештердин мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу боюнча окуу программасын иштеп чыгуу жөнүндө бир ой сунушталды. Бул ой келерки жылы ишке ашырылмакчы.

Ар бир окуу жайдагы жана «КОЖОдогу» абал ар башкача, ал эми окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышы жөнүндөгү идея - Проекттин өнөктөштөрү үчүн азырынча жаңылык иш. Ошондуктан, бардык аткаруучу директорлордун тажрыйба алмашуу максатында өткөрүлүүчү айлык чогулуштары бири-бири менен тажрыйба алмашуунун негизинде жаңы нерселерди үйрөнүүдө жана жалпыга таандык иштерге координация жүргүзүүдө абдан жакшы жардам берип жатат. Адатта, чогулуштар кезек-кезек менен ар башка айылдагы «КОЖОдо» өткөрүлүп, аталган «КОЖО» тарабынан алынып барылат.

«КОЖОлордун» регулярдуу түрдө өткөрүлүүчү тажрыйба алмашуу чогулуштарына кошумча, аткаруучу директорлордун квалификациялык потенциалын куруу - Проект үчүн негизги маселелердин бири болгондуктан, аткаруучу директорлор, айрыкча ишке жаңы тартылгандары өздөрүнүн функционалдык милдеттери, жоопкерчиликтери, фандрайзинг жана эсеп-кысап жүргүзүү боюнча окуудан өтүштү да, интенсивдүү машыктыруу колдоосун алышты. Тилекке каршы, азырынча бардык эле аткаруучу директорлор өздөрүнүн функционалдык милдеттерин жана жоопкерчиликтерин толугу менен түшүнүп алышкан эмес. Ошондуктан, Проект алардын арасында тренинг болгон муктаждыктарды аныктады. Проект аткаруучу директорлорду да ОМКП курсуна киргизүүгө ниеттенген, бирок окуу жай тарабынан окууга катышуу проблемасы чыккандыгына байланыштуу, аткаруучу директорлор курсту бүтүрүүгө жетише албады.

Жергиликтүү негизде фандрайзинг кампанияларын өткөрүү жаатында, кайбир «КОЖОлор» өз потенциалын былтыркы жылга салыштырганда жакшыртууга мүмкүнчүлүк алышты. Канткен менен, 14% же 20% деңгээлге жетүү биргелешип каржылоонун талабы катары өзгөрүүсүз калууда жана ал боюнча бардык тиешелүү тараптарга түшүндүрүү жүргүзүлгөн. Ысыккөл облустук администрациясынын 300'000 сомдук (~ $ 8'500) финансылык колдоосу Ысыккөл облусунун үч «КОЖОсу» үчүн жергиликтүү деңгээлде фонддук каражат топтоонун жакшы мисалы болуп калды. Кеминдеги бир «КОЖОну» эсепке албаганда, калган башка окутуу фонддору окуу жайлардагы финансы топторуна тиешелүү болгон чыгымдарды жабуу үчүн жетишээрлик каражат камсыздап алышты. Бул жерде Жетектөөчү кеңештердин кайбир мүчөлөрү фонддук каражат топтоодо абдан активдүү катышып, «КОЖОлордун» жалпы бюджеттерине зор салымын кошконун айта кетүү керек. «КОЖО» өзүнүн ар бир жолку финансылык отчетун тапшырган сайын, Проект 2007-жыл ичинде 1'300'000 сомдон (~ $ 37'000) ашык өлчөмдөгү өзүнүн тиешелүү үлүштүк каражатын грант катары камсыздоо келишимин түзүп, акча которуп турду. Финансылык башкарууда жаңы иш куралы катары, Проект жылдан-жылга 30% жана акырында жалпы бюджеттин 20% чейин кыскартылуучу «КОЖОлордун» накладной («КОЖОлордун» операциондук чыгымдары) чыгымдарынын максималдуу проценттик катышына барабар бюджети мойнуна алуусун киргизди. Мындай нерсе аткаруучу директорлор үчүн экономикалык эффективдүүлүктү жогорулатуу боюнча стимул болуп саналышы керек.

Фандрайзинг иш-аракеттери менен бирге, «КОЖОлор» окуу жайлары менен чогу студенттердин көңүлүн өзүнө бурдуруу максатында рекламалык кампанияларды өткөрдү. «КОЖОлордун» бул ишти аткарууга каралган бюджети бар болчу жана алар процесске жетекчилик кылды. Былтыркы жылга салыштырганда, кээбир КОЖдор студенттердин санын көбөйтүштү, ал эми кээбир башка окуу жайлар студенттерди азыраак тартышты, же бир группаны комплектациялоого жетиштүү сандагы окуучуларды тарта алышпады. Тилекке каршы, ноябрдын башында студенттердин саны толугу менен класстардын баарында эле толтурула койгон жок, ошондуктан окуу графигинде кечиктирилүүлөргө жол берилди. Проблема окуу жайлары менен «КОЖОлордун» ортосундагы координациянын начардыгында жана «КОЖОлор» тарабынан жетектөөдөгү кемчиликтерде турду. Мындай кечиктирүүнүн жалпы жоопкерчилиги «КОЖОнун» мойнунда турат, себеби алар аталган курстардын каржылоочулары жана ээлик кылуучулары болуп саналат да, студенттерди окууга кызыктырып тартышы керек. Ага карабастан, өздөрүнүн тажрыйбасынын жана коомчулук арасында ээлеген репутациясынын натыйжасында, окуу жайлар студенттерди окууга тартуу процессинде кыйла ийигиликтерге жетишти. Начар өткөрүлгөн рекламалык жана фандрайзинг кампаниясынын негизинде төрт гана КОЖ өздөрүнүн «КОЖОлору» менен келишим түзүүгө жетишти. Алар: Ананьево, Беловодск, Бөкөнбаев жана Сокулук КОЖдору. Келечекте Проект студенттерди окууга кызыктырып, тартууда жана рекламалык кампанияларды өткөрүүдө «КОЖОлордун» жоопкерчилигин кантип арттыруу багытында көбүрөөк ойлонуп, тиешелүү иш-кагазды иштеп чыгууга тийиш.

**2-таблица:** Окууга тартылган студенттердин саны, жалпысы (анын ичинен кыздар)

| № | КОЖ | 2006 (1-группа) | 2007 (2-группа) |
|---|---|---|---|
| 1 | Ананьево (№82-КОЖ) | 12 (6) | 20 (10) |
| 2 | Беловодск (№28-КОЖ) | | 11 (0) |
| 3 | Бөкөнбаев (№81-КОЖ) | 12 (4) | 15 (4) |
| 4 | Каракол (№2-КОЖ) | 24 (0) | |
| 5 | Кемин (№19-КОЖ) | 12 (4) | |
| 6 | Сокулук (№43-КОЖ) | | 18 (3) |
| ***Бардыгы:*** | | ***60 (14)*** | ***64 (17)*** |

Албетте, жакшы уюшулган коомдук байланыш «КОЖОго» өз иштери жөнүндө жарыя айтып, маалымдоого абдан эле жардам бермекчи. Проект «КОЖОнун» фандрайзинг жана брэнд (корпоративдик стиль) китепчесин, веббаракчасын (www.kojo.kg) жана лифлеттерин иштеп чыгуу аркылуу өздөрүн коомчулукка таанытуу боюнча рекламалык кампаниясы жөнүндөгү идеясына колдоо көрсөттү жана аны өткөрүүгө көмөктөштү. Проекттин «Курак» газета басылмасынын аталышы «КОЖО» деп өзгөртүлүп, анын мазмунун даярдап, басып чыгаруу менен вебсайтты иштетүү тапшырмасы штаттан тышкаркы адиске ыйгарылды.

1-сүрөт: “КОЖОнун» эмблемасы

### 3.2.4. Билим берүүнү камсыздоо

*ЖИПтин 2.4-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Окуу жайлар окутуу кызматтарын колдонуучулардын жана каржылоочулардын купулуна толгудай тренингдерди камсыздайт.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Минималдуу сегиз мониторинг күндөрү: | Февралдагы жана декабрдагы мониторинг визиттери, 10 күн. |
| Мугалимдер окутуунун сапаты менен канааттанышты: | Жай жана кыш мезгили үчүн эки тренинг программасы иштелип чыгылды; |
| | 53 тренер менен келишим түзүлдү, 64 тренинг өткөрүлдү жана 459 катышуучу тренинг программасы боюнча окуудан өттү. |
| ОМКП иштелип чыгылды: | Программа иштелип чыгылды жана тренерлер тандалып алынды, бирок катышуучулардын санынын аздыгынан улам, окутуу процессинин жарымында токтотулуп коюлду. |
| Ар бир окуу жайдын демонстрация күнүндө минимум 50 катышуучу келди: | Эки окуу жайда 50дөн кем катышуучу келсе, калган экөөндө 50дөн ашык адам катышты. |
| Фермерлер менен студенттер шакирттик практиканы ийгиликтүү түрдө аткарды: | Шакирттик практиканы боюнча окутуу жана аны ишке киргизүү аткарылды, студенттердин 62% өз чарбаларында, ал эми 38% башка чарбаларда шакирттик практика өтүштү. |
| | Мониторинг кандайдыр-бир деңгээлде мугалимдерди окутуу боюнча муктаждык бар экендигин көрсөттү |
| Окуу жайлар менен «КОЖОлор» баалоону ишенимдүү жолдо өткөрө алды: | 1-семестрди балоо тренинги февралда, ал эми баалоодон соң көзөмөл жүргүзүү өткөрүлдү. |
| | 3-семестрге баа берүү модулдук колдонмонун бир бөлүгүн түздү. |

Процесс

Проект ишинин жаңы окуу жайларга жайылтылышы менен бирге, Окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү системасы да жаңыртылды жана жаңыдан кызматташа баштаган КОЖдордо аткарылды. Бул ишти аткаруу максатында кошумча эки ресурстук эксперт тандалып алында жана алар менен келишим түзүлдү. Окутуунун сапатын жакшыртуу максатында, Проект окуу жайларга инвестициялык колдоону камсыздады. Жылдын аягында аталган система кайрадан каралып, өзгөртүүлөр киргизилди жана ал боюнча бардык КОЖдордун макулдугуна жетишилди. Окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү системасынын концепциясына ылайык Проект 10 күнгө созулган эки жолку мониторингди жүргүздү. Монитоингдин жыйынтыктары мугалимдер менен студенттердин зор кызыгуусу бардыгын аныктады, бирок Проект мугалимдерди окуп-үйрөнүүчүгө багытталган окутуу методикасы боюнча окууларды улантышы керектиги жана андан да маанилүүрөк болгон нерсе катары реалдуу класстык сабак өтүү процессинде колдонулушун иш жүзүнө ашыруу боюнча машыктыруусу зарыл экендиги да белгилүү болду.

Мониторингге кошумча, окуу жайларда тренингге болгон муктаждыктар да бааланып (ТМБ), мурдакы окуу боюнча ой-пикирлер аныкталды. Окутуунун сапатын камсыздоо боюнча мугалимдердин талаптарына жооп берүү максатында эки тренинг программасы иштелип чыгылды. Мурдагыдай эле тренинг программалары эки негизги, б.а. 1) предметтик жана 2) методикалык, окуп-үйрөнүү жана окутуу бөлүктөрүнөн турду. Бирок бул жолу көңүлдүн борборуна көбүнесе окуп-үйрөнүүчүгө багытталган окутуу методикасы коюлду. Тренинг программасына кошумча, Проекттин инновацияларына арналган семинар, чогулуштар өткөрүлдү. Жалпысынан, Чүй, Ысыккөл, Нарын жана Баткен облустарынан 459 мугалим 64 окууга катышып чыкты. Проект мурдатан бери кызматташуу тажрыйбасына ээ тренерлер менен да, талаптарга жооп берип, ишке жаңы тартылган тренерлер менен чогу иштөөнү улантты. Эки жаңы тренинг программасын ишке ашыруу үчүн 53 тренер тандалып алынып, келишимдер түзүлдү.

**2-диаграмма:** Тренинг темаларынын, катышуучуларынын, тренинг-күндөрдүн саны (Нарын, Баткен, Ысыккөл жана Чүй)




| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тренинг | 26 | 37 | 65 | 48 | 31 | 32 | 64 |
| Кундор | 55 | 106 | 122 | 130 | 103 | 100 | 60 |
| Катышуучулар | 225 | 426 | 811 | 404 | 303 | 585 | 459 |

Проекттин мугалимдер үчүн мындай окууларды уюштуруп, каржылагандыгына жана мугалимдер тарабынан абдан жактырылгандыгына карабастан, Ысыккөл жана Чүй КОЖдорунун баарынын эле директорлору окуу жайдагы жумуштун көптүгүн себеп катары айтышып, өз мугалимдерин тренингге катышуу үчүн бошотууну каалабайт. Мындай тажрыйбадан улам, Проект тренинг концепциясын кайра карап чыгып, окуу жай менеджментине стимул берүүгө көмөктөшүү жолдорун издөөнү максат кылып койду. Жогоруда айтылып өткөндөй, быйылкы жылы КОЖ администрациясы тарабынан катышуучулардын аз болгондугунан улам, Окуу жай менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча окуу программасы каражатты максатсыз сарптоону кыскартуу үчүн окуунун жарымы бүткөндөн кийин токтотулду. Ал эми аталган окууга катышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калган «КОЖОлордун» аткаруучу директорлоруна жумуш үстүндө колдоо көрсөтүлүп, машыктыруу өткөрүлдү. Ага карабастан, Проект КОЖ жетекчилеринин потенциалын куруута жана өстүрүүгө зор көңүл коюп, Чүй жана Ысыккөл облустарынын окуу жайларына келерки жылы өзгөртүлгөн программадагы окууну сунуштамакчы.

Өнөктөштөр менен чогулуп, жаңы курсту рекламалоо жана студенттердин шыкбилимдери жөнүндө кеңири коомчулукту кабардар кылуу максатында демонстрация («ачык эшик күндөрүн» күндөрүн жаңылык катары киргизилип жатат. КОЖдор өзүнүн коомдук байланыш потенциалын чыңдосу керек экендиги түшүнүктүү. Бул багытта Проекттин топтогон тажрыйбасына негизделген демонстрация күндөрү студенттердин жетишкендиктерин кеңири коомчулукка көрсөтүү, анын натыйжасында окуу жайдын репутациясын жакшыртуу үчүн баалуу курал болуп саналат. Демонстрация күндөрүнүн концепциясы Нарын КОЖдору тарабынан иштелип чыгылып, кийинчерээк адаптация процессинде окуу жайлардын жеке комментарийлеринин негизинде Ысыккөл жана Чүй КОЖдору тарабынан өзгөртүлүп түзүлгөн. Андан соң, ар бир КОЖдо Нарын окуу жайларына тажрыйба алмашууга барган адамдардын бирөөсү атайын дайындалып, ага демонстрация күндөрүн өткөрүү жоопкерчилиги жүктөлгөн. Проект бардык төрт КОЖдо демонстрация күндөрүн өткөрүү боюнча даярдык көрүүдө жардамдашкан. Демонстрация күндөрүн өткөрүү боюнча алгачкы тажрыйба болгондуктан, анын сапаты да ар башкача болду да, ал катышуучулардын жана көрсөтүлгөн демонстрациялардын же инновациялардын санынан билинип турду.

**3-диаграмма:** Демонстрация күндөрүнө катышкандардын саны




| | Акталаа | Атбашы | Кочкор | Куланак | Оттук | Ананьево | Тон | Каракол | Кемин |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| □ Коноктор | 35 | 42 | 50 | 48 | 30 | 48 | 56 | 52 | 34 |

Өнөктөш КОЖдор үчүн башка бир кыйынчылык шакирттик практика системасы боюнча билим берүү схемасын ишке ашырууда кездешти. Бул процессте алгачкы кадамдардын бири шакирттик практика системасына жооптуу болгон окуу жайлардын машыктыруучуларын өз функциялары жана шакирттик практика системасынын аспекттери жөнүндө окутуп-үйрөтүү болгон. Окуу жайлар кийинчерээк шакирттерди кабыл алуусу мүмкүн болгон фермерлерди издешти, потенциалдуу машыктыруучу фермер болуусу күтүлгөн адамдардын көпчүлүгү фермерлердин каталогуна киргизилди да, капысынан тандоо аркылуу кээ бирлерине визит жасалды. Каталог түзүлгөндөн кийин, окуу жайлардын машыктыруучулары Проекттин жардамы менен машыктыруучу фермерлер менен студенттер үчүн киришүү окуусун өтүштү да, аларга окуу материалдарын: күндөлүктөрдү, келишимдерди жана графиктерди таркатышты. Андан ары иштин аткарылышын текшерүү максатында атайын мониторинг уюштурулду. Жыйынтыктары позитивдүү болуп, 80% ашык студенттер чарбаларда практика ордунда болушту. 60% жакын студенттер практиканы өз чарбаларында өткөндүгүн айта кетүү зарыл. Мындай учурда студенттер кеңешчилик келишимди туруктуу негизде чарбанын өзүндө кеңештерди алып туруу үчүн Айылдык кеңеш кызматы менен түздү. Кийинчерээк бардык студенттер өздөрүнүн шериктеш чарбаларында ай сайын өткөрүлүүчү тажрыйба алмашуу күндөрүнө катышты, ал эми окуу жайга шакирттик практика убагында практикалык сабактарга катышуу үчүн 3-4 жолу чакырылды.

3-таблица: Шакирттик практикага тартылган машыктыруучу фермерлер менен студенттердин саны

| № | КОЖ | Машыктыруучу фермерлер | Студенттер | 31.12.07 чейин өткөрүлгөн тажрыйба алмашуу күндөрү | ТАКка катышкан фермерлердин саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ананьево | 3 | 12 | 7 | 5 |
| 2 | Бөкөнбаев | 4 | 12 | 9 | 9 |
| 3 | Каракол | 17 | 25 | 13 | 15 |
| 4 | Кемин | 4 | 12 | 8 | 8 |
| *Бардыгы:* | | *28* | *61* | *37* | *37* |

Окуу жайлар менен «КОЖОлор» шакирттик практика башталаардан мурун анын концепциясын жана системасын баалоо боюнча окуудан өтүштү да, 1-семестрдин ишин баалоону жүргүзүштү. Баалоо боюнча сынакты бардык студенттер тапшырышты, ал эми окуу жайдын администрациясы менен Проекттин алдында студенттерди чыгарып салат деген мугалимдердин коопсуздануусуна байланыштуу кай бирлери жогорку баага татыктуу болушту. 3-семестрдин ишин баалоо концепциясы иштелип чыгарылып, модулдаштыруу колдонмосуна бириктирилди. Графикке жараша эки жаңы КОЖдун базистик баалоону жүргүзүүсү күтүлгөн эле, бирок убакыттын жетишсиздигинен улам бул иш келерки жылга калтырылды.

### 3.2.5. Курсту иштеп чыгуу

*ЖИПтин 2.5-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Жаш фермерлер менен айылдык ишкерлер үчүн модулдаштырылган окуу курсу потенциалдык катышуучулардын жана жергиликтүү коомчулуктун муктаждыктарынын негизинде биргелешип окуу планды иштеп чыгуу процессинин натыйжасында түзүлдү***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Окутуу кызматтарын колдонуучулар тобу БОПИЧтин бардык кадамдарында ишке тартылды: | Бардык тиешелүү тараптар БОПИЧ процессине катышты, жаңы КОЖдор менен бирге компетенция профили иштелип чыгылды. |
| Окуу пландар студенттер менен мугалимдердин муктаждыктарына негизделип иштелип чыкты: | Мурдатан кызматташып жүргөн өнөктөш КОЖдор үчүн 1-семестрдик окуу пландар өзгөртүлүп түзүлдү, ал эми жаңы кызматташа баштаган КОЖдор үчүн 1-семестрдик окуу пландары иштелип чыгарылды жана мугалимдер окуудан өтүштү. |
| Студенттер окуу пландарынын практикага багытталгандыгын жактырып, канааттануусун билдиришти: | 2-семестрдин окуу пландары иштелип чыгарылды жана окуу жайлар тарабынан аткарылууда; мониторингдин жыйынтыгы студенттердин канааттангандыгын көрсөттү. |
| Студенттер үчүн кредитке жетүү мүмкүнчүлүгү бар: | «Компаньон» менен келишимдер түзүлдү, студенттерге кредиттер берилди. |
| Кыргыз КББ нормаларына ылайыкташтырылган модулдук система иштелип чыкты: | Студенттер, КОЖдор, фермерлер РИМБ жана донорлор менен чогу биргелешип иштөөнүн негизинде модулдук система иштелип чыгылды. |
| Кесиптик окуу жайларда окуу куралдары колдо бар: | Окуу жайлар керектүү окуу куралдары жана окутуу модулдары менен жабдылды. |
| Мугалимдер 3-семестрдин окуу планын колдонушту: | Модулдук системаны иштеп чыгуу учурунда мугалимдерге окуу өткөрүлүп, машыктыруу жардамы көрсөтүлдү. |

Процесс

Атайын Биргелешип айыл муктаждыктарын баалоо (БАМБ)[2] өткөрүлгөндүктөн жана анын негизинде компетенция профили иштелип чыгарылгандыктан, жаңы кызматташып жаткан КОЖдор өз муктаждыктарын ылайыкташтырып алуусу үчүн бирнече сессиялар өткөрүлдү. Сессиядан кийин жаңы КОЖдор орус тилинде жаңы түзүлгөн окуу пландарга ылайык өзгөртүүлөрдү киргизе алышты. Муну менен катар эле эски КОЖдор өздөрүнүн кайра карып чыгып, өзгөртүү семинарларын өткөрүштү, алардын 1-семестрдеги окутуу тажрыйбасынын негизинде өзгөртүүлөр, жаңыртуулар киргизилди. Мында анчалык көп деле өзгөртүү киргизилген жок, себеби окуу жайлар былтыркы жылы окуу планын иштеп чыгуу процессинин башталышында абдан интенсивдүү жолдо жумуш аткарышкан эле. Кайра каралып, өзгөртүлгөн кыргыз тилиндеги жана жаңы ишелип чыгарылган орус тилиндеги окуу куралдары басылып чыгарылып, КОЖдорго таркатылды. Кызыккан тараптар менен чогу аткарылган башка жумуш практика жана проект иштерин аткаруу учурундагы практикалык сабактар менен кошо шакирттик практиканы ичине камтыган 2-семестрдин окуу планын иштеп чыгып, адаптациялоо болду. 1-семестрдин аякташы менен бирге 2-семестрдин окуу планын иштеп чыгуу да бүткөрүлдү.

Проект иштеринин (бизнес план түзүү иши) идеяларынын бири - студенттердин кредитти иштетүү жана акча каражаттарды колдонуу багытында шык-билимге ээ болушу эле. Ошондуктан, Проект «Компаньон» кредиттик компаниясы менен КОЖдордун ортосундагы кызматташтыкты орнотууга жана студенттер үчүн кредитке жетүүгө жол ачууга көмөктөштү. Кызматташтык «Хельветас» менен «Компаньондун» Макулдашуу меморандумуна (ММ) жана «Компаньон» менен ар бир КОЖдун ортосундагы контрактарга кол

[2] Виллен Б., 2006. Биргелешип айыл муктаждыктарын баалоо (БАМБ), Чүй жана Ысыккөл облустары

коюлушу аркылуу расмийлештирилди. «Компаньон» студенттердин бизнес жана билим алууга микрофинансылык рынокко салыштырмалуу арзан проценттик ставкадагы кредиттерди алуусу үчүн жаңы кредит линиясын ачууга макулдук берди. «Компаньон» окуу жайларда бирнече жолу маалымат чогулуштарын өткөрдү жана компаниянын талаптарына жооп берген ар бир студентке максимум 16000 сомдук өлчөмдөгү чакан кредиттерди таркатты. Окуу жайдын машыктыруучуларынын жардамынын, студенттердин жоопкерчилигинин жана «Компаньон» менен ишти жакшылап координациялоонун натыйжасында азырынча төлөбөй койгондор боло элек. Тилекке каршы, бизнестик кредиттен айырмаланып, бир да студент билим берүү үчүн берилчү кредитке кайрылган эмес, мунун себебин түшүнүктүн тайкылыгы жана студенттердин бир аз кооптонуусу менен түшүндүрсө болот. Ага карабастан, көп студенттер келерки жылы билим берүү кредитин алууга даяр экендиктерин билдирип жатышат. Кызматташуу мезгилинде Проект «Компаньон» (кредит адистери, бөлүм башчылары, башкы офистин бизнес менеджери) жана окуу жайлар (директорлор, алардын орунбасарлары, машыктыруучулар жана студенттердин өкүлдөрү) менен чогу алгачкы тажрыйбаны чагылдыруу жана көтөрүлүп жаткан маселелерди чечүү максатында эки жолу чогулуш өткөрдү. Катышуучулар мындай регулярдуу чогулуштарга ыраазычылык билдиришти, ал эми Проект бул тажрыйбаны улантмакчы, себеби «Компаньон» өзүн ишенимдүү партнер жана профессионал катары көрсөттү.

Кесиптик билим берүү схемасын иштеп чыгуу учурунда Проект жана анын өнөктөштөрү абдан татаал бөлүгүн - модулдук системаны системага киргизишкен. Жылдын башынан бери Проект концепцияны иштеп чыгып жатканда эле модулдар боюнча жалпыга таандык стандарттарды иштеп чыгуу максатында өз иш-аракеттерин КББ тармагында иш алып барган тараптар жана башка проекттердики менен координациялоого ниеттенген. Кыргызстандын КББ системасы көптөгөн салымдарды алды жана модулдук системаларды киргизүү үчүн ар кайсы донорлор тарабынан чет өлкөлөргө окуу турларына жиберилип жүрөт. канткен менен, ушул аракеттер координацияланбай калып жатат, ал эми Кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик агенттиги (КББМА) Европанын, Американын жана Канаданын ар кайсы өлкөлөрүнүн тажрыйбасын жалпылап, бирдиктүү кыргыз системасына бириктирүүнү көздөөдө. Ошондуктан, ГТЦ жана башка донорлордун колдоосу менен аткарылып жаткан проект Кыргызстандын КББ системасынын фундаменталдык аспекттери боюнча жалпыга таандык перспективалык көзкарашты иштеп чыгуу максатында РИМБ менен бирге чогулуштардын сериясын өткөрүү демилгесин көтөргөн. Аталган жаңы модулдук «стандарттардын» негизинде Проект кызыккан тараптардын салымы менен «ишкер фермер» кесиби боюнча модулдук системаны жана анын концепциясын иштеп чыккан. Модулдук системаны КОЖдордо ишке киргизүү процесси абдан интенсивдүү жолдо жана ар кандай тренинг, семинарлар, мугалимдердин топтук жана жекече иштери, Проект тарабынан машыктыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу жүзөгө ашырылды. Студенттерди модулдарга ылайык окутууну 2007-жылдын ноябрында баштоо пландалганына карабастан, процесс эки айга кечиктирилди. Ноябрь жана декабрь айларында студенттер убактылуу окуу пландын негизинде окутулду да, 2008-жылдын январынан тартып окутула турган модулдардын акыркы вариантын иштеп чыгууга убакыт берилди. Убакыттын тардыгынан жана инновациянын Кыргызстандын КББ системасынын окуу жайлары үчүн жаңылык болгондугунан улам, Проект өзгөчө басымды сапаттык аспектине жана модулдарды пайдалануу боюнча мугалимдерге интенсивдүү түрдө машыктырууну ичине камтыган модулдук системаны тереңирээк иштеп чыгууга буруудa. Проект чакан гана потенциалга жана модулдарды иштеп чыгууда аз тажрыйбага ээ болгондуктан, практикалык тажрыйбасы бар эки кошумча ресурстук эксперт ишке киргизүүдө колдонмо түзүү үчүн жана модулдарды иштеп чыгууда КОЖдорго жардам көрсөтүү максатында келишимдик негизде жумушка тартылды. Мугалимдер үчүн колдонмону иштеп чыккандан кийин, эки ресурстук эксперттен, окутуу жана окуу планын түзүү боюнча адистен турган команда проектти мугалимдерге тааныштырды жана алар менен макулдашып, жалы иш планды түздү. Аталган иш планга жараша өз предметтери боюнча модулдарды иштеп чыгуу үчүн мугалимдер менен окуу жай машыктыруучуларынын ар кандай топтору уюшулду. Топтор бирнече жолу тез-тез жолугушуп, региондогу топторго чейин визит менен барышты. Декабрдын аягында КОЖдордун өз модулдарын студенттерге тандоосу жана жаңы жылда окутууну баштоо үчүн презентациялоосу мүмкүн болду. Ар бир КОЖ керектүү окуу материалдарын сатып алуу үчүн Проекттен кошумча колдоо алды.

## 3.3. Лоббирлөө (лоббирование)

*ЖИПтин 3-максатына тиешелүү:* ***Институционалдык жана системалык реформаны алдыга жылдыруу максатында, тандалып алынган негизги саясатка жана иш аткарууга тиешелүү маселелердин чегинде башка кызыккан тараптардын арасында талкуулар менен пикир алмашууларды уюштурууга көмөк көрсөтүлдү***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Тандалып алынган маселелер реформанын күн тартибинде чагылдырылды: | АӨБ КББ проектисинин техникалык колдоо миссиясынын отчетунда АКПнын ийгиликтери менен жетишкендиктери белгиленген жана буга чейин АКП лоббирлөөсүнүн натыйжасында каралган бир нече маселелерди кайрадан көтөрүп чыкты. |

### 3.3.1. АКПнын позициясын жана келечек көзкарашын сырткы тараптарга таанытуу

*ЖИПтин 3.1-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***АКПнын позициясы жана КББ системасын өнүктүрүүнүн тандалган маселелерине карата келечек көзкарашы башка тиешелүү тараптардын арасында маалым***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Донорлордун тармактык (сеть) байлыныш кеңейди: | Кочкордогу проект боюнча ЕТФ менен кызматташуу;<br>ГТЦнын КББ проекти, ЕС КББ проекти жана «кайра ачылган» БУУӨП КББ проекти менен тармактык байланыш түйүнүн түзүү. |
| Өкмөткө позицияны чагылдырган ишкагаз жөнөтүлдү: | Проект тарабынан беш тегерек стол чогулуштарын (ага кошумча формалдык даярдык чогулуштарын) алып баруу улантылды. |
| «Хельветас» менен ГТЦнын ККБ боюнча иштери координацияланды: | Кызматташтык улантылдууда. |
| АӨБ проектинин алкагында АКПнын көзкарашы жөнүндө билишет: | Балким билишпейт, себеби башында убада кылышканы менен кийин АКПны АӨБ КББ проектинин Жетектөө кеңешине катышууга чакырышкан жок. |
| КББдагы өзгөрүүлөр тууралуу маалымат коомчулукка белгилүү: | «Курак» басылмасынын регулярдуу чыгарылышы жана окуу жайлардын макалаларынын жергиликтүү жана республикалык массалык маалымат каражаттарында басылышы; вебсайт. |
| Проекттин сырткы чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүлдү: | Чогулуштар, жаңылыктар жана мыйзамдар аркылуу регулярдуу жолдо аткарылууда. |

Процесс

Бул жылы Кочкордун КОЖу ЕТФнын «жакырчылыкты кыскартуу боюнча шык-жөндөмдөрдү өстүрүү» деген чакан проектисин ишке ашырды. Проекттин алкагында КОЖ Кочкор районуну бир пиолттук айылында жумушсуз адамдар үчүн кыска мөөнөттүк курсту ачты. Проект көбүнесе окуу планды иштеп чыгуу жана процесске машыктыруу жардамын берүү сыяктуу техникалык колдоо көрсөттү. КОЖ аталган кыска мөөнөттүк курсту эксперименталдык класстарды окутуунун мурда топтолгон тажрыйбасынын негизинде өз алдынча уюштурду, бирок ЕТФ менен байланышууда гана машыктыруу колдоосун алды. ЕТФ менен кызматташтык КОЖ үчүн өзүнүн перспктивалык көзкараш мүмкүнчүлүгүн ачууда жана жаңы курстарды баштап сыноодо абдан пайдалуу болду.

2007-жылы Кыргыз КББ системасында иш жүргүзүп жаткан донорлордун катышуусундагы бир нече сандагы тегерек столдору АӨБ, ILO, ГТЦ, Борбордук Азия Университети, Европалык тренинг фонду, ТАСИС, ПРООН, Евразия фонду ж.б. донорлордун бир топ кызыгуусун туудурдуп, купулуна толду. Натыйжада, донорлордун жалпы позициясын чагылдырган ишкагазынын алгачкы вариантты иштелип чыкты. Расмий түрдө Премьер-министрге, БилМинге, КББ боюнча мамлекеттик агенттикке, Миграция боюнча мамлекеттик комитетке жана башка кызыккан тараптарга презентацияланган позициялык иш кагаз КББ системасындагы реформага болгон муктаждыктарды камтыйт жана КББ секторунда иштеген башка донорлор менен байланыш түзүү үчүн проектиге мүмкүнчүлүк берет. Өкмөт тарабынан аталаган документ жана реформалоо боюнча сунуштар жакшы кабыл алынып, көптөгөн убадалар берилгени менен, көзөмөл жүргүзүү чогулушу учурунда аз сандагы гана мамлекеттик өкүлдөрдүн катышуусу абдан катуу эскирген КББ системасынын реформалоого колдоо көрсөтүү үчүн өтө зор муктаждык бар экендиги боюнча азырынча дагы эле түшүнүктүн тайкы болушун даана эле көрсөтүп койду. Ошондуктан донордук тегерек столдун катышуучулары кызмат берүүчү уюмдардын бирикмелери менен кызматташып иштөө боюнча жаңы ишыкманы иштеп чыгышты, ал 2008-жылы да улантылат.

АКПны өз проектисинин жетектөөчү кеңешине киргизүү боюнча АӨБ тарабынан расмий эмес убада алгандыгына карабай, азырынча Проект эч кандай расмий чакыруу ала элек. АӨБ проекти ушул жылдын кышында ишин баштады, ал эми Өкмөттүн, КББМА, БилМин, Соода жана өнөржай палатасы, Кызмат берүүчүлөрдүн конфедерациясы жана «Билим берүү демилгелер форуму» аттуу жергиликтүү ӨЭУнун өкүлдөрүнөн турган жетектөөчү кеңеши түзүлдү. Проекттин өзү, анын алгачкы иштери боюнча тереңирээк маалымат жок.

Проект өзүнүн окуу жайлар менен «КОЖОлордун» ишиндеги ар кандай темаларга арналып жазылган «Курак» аттуу газетасын үч жолу чыгарды. Күзүндө жалпы макулдашылып, «КОЖОлордун» ишине колдоо көрсөтүү үчүн аны «КОЖО» деп өзгөртүп атоо чечилген. Газетанын эки басылмасы жаңы аталышта жарык көрдү. Проекттин, КОЖдордун жана «КОЖОлордун» иш-аракеттери боюнча макалалар жергиликтүү массалык маалымат каражаттарында да жарыяланды. Ага кошумча, «КОЖО» www.kojo.kg деген вебсайтты үч (кыргыз, орус, англис) тилде иштете жана кеңири коомчулукка маалымат тарката баштады. Газеаны чыгаруу да, вебсайтты иштетүү да штаттан тышкаркы коомдук байланыш (ПиАР) адисине тапшырылган, ал мазмунун жаңыртууга жана «КОЖОлордун» коомдук байланыш процессин координациялоого жооптуу.

Проект регулярдуу түрдө массалык маалымат каражаттары аркылуу өз чөйрөсүнө, мыйзамдагы өзгөрүүлөргө жана аркыл чогулуштарга мониторинг жүргүзүп, кабардар болуп турат.

### 3.3.2. Жаны курстун таанылышы

*ЖИПтин 3.2-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Жаңы ишыкмадагы (подход) негизги компоненттери (модулдук подход жана кожоюндук статус) тиешелүү бийлик органдары тарабынан таанылды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| РИМБ мандаттын 80% ийгиликтүү аткарды: | Мандаттар жок, себеби жаңы түзүлгөн КББМА байланышуу бөлүмүн аныктай элек. |
| Өнөктөштөр проектинин ишмердүүлүгү тууралуу регулярдуу түрдө маалымат алып турду: | Өнөктөштөр менен маалымат алмашуу чогулуштары тез-тез болуп турат жана өнөктөштөр тиешелүү семинарларга дайыма чакырылып турат;<br>Бардык өнөктөштөр чакырылган, бирок РИМБ менен ОМБ гана катышты. |
| КББ системасы проектинин инновацияларын өз ишине бириктирип, интергациялады: | КББМАнын реорганизациясына жана стандартташтырууга азырынча эрте болгондугуна байланыштуу лобирлөө начар болду. |

Процесс

Тилекке каршы, бул жылы Проект мандат бере албай калды, себеби КББМА структурасы менен бөлүмдөрү толугу менен түзүлүп бүткөн жана жооптуу кызматкер дайындалган жок. Бирок келерки жылы Проект бул маселеге көбүрөөк басым жасайт, себеби проект менен окуу жайлардын көптөгөн иштери расмий жолдо таанылып, стандартташтырылышы керек.

КББМА жана РИМБ менен регулярдуу чогулуштар өткөрүлүүдө, бирок КББ системасындагы структуралык өзгөрүүлөрдөн улам, партнерлор реорганизация, штатык комплектациялоо, жаңы офистерди ачуу иштери меен алектеништи, ошондуктан проект иштери боюнча катышуусу төмөн болуп калды. Ага карабастан, КББМАга Проекттин жаңылыктары боюнча маалыматтар берилип турду.

# 4. Жыйынтыктоо жана келечек көз караш

Жыйынтыктар

- ПроДокто каралгандай 2007-жыл АКП үчүн өткөөл жыл болду, себеби Нарын облусундагы КОЖдор үчүн Пороекттин колдоосу акырындык менен кыскарды да, Ысыккөл жана Чүй облустарынын ишке жаңы тартыла турган райондоруна карай багытталды. Мунун өзү Проекттин ички организациялык деңгээлге да таасирин тийгизди, натыйжада Балыкчыдагы офис жаңыртылды, ал эми жергиликтүү кызматкерлерден жашаган жеринен түндүк тарапка 200 км алыстыкка көчүү боюнча жогорку деңгээлдеги ийкемдүүлүк талап кылынды.

- 2007-жылы Баткендеги фермер, фермер айым эксперименталдык классынын акыркы тобу окуусун бүтүрдү. АКП өз ишмердүүлүгүн Чүй облусунун батышында жайгашкан жаңы өнөктөш окуу жайларга жайылтты. Ал жердеги КОЖдор ноябрдан тартып ишкер фермер курсун окутуу жана «КОЖО» түзүү демилгесин көтөрдү. Ысыккөл жана Чүй облустарындагы мурдатан кызматташып жүргөн өнөктөш КОЖдор 1-семестрди ийгиликтүү аяктады, шакирттик практиканы өткөрдү да, 3- жана акыркы семестрге кадам коюшту. Бул жылы АКП фермерлерди окутуу боюнча өзүнүн окуу куралдарынын толук жыйнагын бүтүрүүнүн үстүндө иштеди жана Нарын, Баткен, Ысыккөл жана Чүй облустарындагы бардык өнөктөш КОЖдорунун китепканаларына кыргыз жана орус тилдериндеги окуу куралдарын таркатып берди. Жалпысынан АКП ушул китептерди иштеп чыгууга дарым миллиондон ашык АКШ долларын сарптады. Андан башка негизги окуялар болуп мурдакы жылдардан бери иштелип келе жаткан иш-аракеттерди, анын ичинде «ишкер фермер» курсунун окуу планын (модулдук системасын кошуп), мугалимдер үчүн методикалык жана техникалык предметтик окууларды өтүүнү, класстар жана устаканалар үчүн чакан инвестициларды берүүнү, потенциалды кууруу, өнүктүрүүнү жана КОЖ администрациялары менен «КОЖОлорду» машыктырууну улантуу кирет.

- Жылдын башы аталган жыл (АӨБ КББ проектинин ачылышына жана КББ боюнча мамлекеттик агенттиктин (КББМА) кайрадан түзүлүшүнө байланыштуу) КББ реформаларын киргизүүнүн жылы болот деген белгилүү бир үмүттөр менен башталганына карабастан, реалдуу турмуш КББМА, БилМин жана Өкмөт өздүрүнүн ички организациялык иштери менен алек болгонун көрсөттү. АКПнын ишин жүзөгө аткаруудагы конкреттүү мисалдар проекттин партнерлору тарабынан активдүү иш-аракеттер жасалбагандыгын тастыктап отурат: ММ кол коюлгандыгына, фермер, фермер айым кесиптик курстарынын окуу пландарын кесипке багытталган жалпы билим берүү предметтерин киргизүү аркылуу мамлекеттик стандарттарга жараша адаптациялоо боюнча БилМин жана КББМА менен тиешелүү иш пландар түзүлгөндүгүнө карабастан, иш жүзүнө ашыруу процессии БилМин структурасынын алкагында токтоп калды. Ошого окшош эле фермер, фермер айым курсун бүтүрүүчүлөргө техникумга окууга кирүү мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү боюнча бардык өнөктөштөр тарабынан макулдашылган келишим техникум жана КОЖдор тарабынан зор кызыгуу болгондугуна карабастан, аткарылышы мүмкүн болбой жатат. Донордук тегерек стол тарабынан берилген реформалар боюнча сунуштардын расмий органдар тарабынан канчалык деңгээлде жактырылып, кабыл алынышы акырында КББ системасында реалдуу өзгөрүүлөргө алып барабы деген маселе бар.

- Экинчи жагынан алганда, алгачкы республикалык масштабдагы базистик модулдаштырылган «стандартты» иштеп чыгуу боюнча РИМБ менен жүргүзүлгөн натыйжалуу диалог ортоңку звенодогу мамлекеттик структуралар конкреттүү реформалык кадамдарды аткарууга даяр экендигин көрсөттү. Мындай натыйжага көбүнесе РИМБ, АКП, ГТЦ, ILO жана РИМБга модулдаштыруунун жана Кыргызстандын шарттарындагы модулдук система боюнча колдонмо, жоболорду (азырынча базалык гана) донорлор менен чогу иштеп чыгуудагы 15 жылдык иш тажрыйбаны капитализациялоодо колдоо көрсөткөн башка донорлордун жалпы кызыкчылыгынын негизинде жетишүү мүмкүн болду. Келечекте донордук уюмдар өзүнүн проекттеринин иштерине базалык негиз катары пайдаланышы

үчүн РИМБ мындан ары да аталган колдонмонун үстүндө иштөөнү улантат деген үмүт чоң.

- Нарын облусунда АКПнын иш-аракетин акырындык менен кыскартуу проект мындан эки жыл мурун божомолдогон фактынын так эле өзүндөй болуп чыкты: КББдагы пилоттук проекттер кыйла маанидеги кыска мөөнөттүк таасирге ээ болушу мүмкүн (мис.: жаңы окуу куралдардын колдо болушу, окуудан өтүп, үйрөтүлгөн мугалимдер, пилоттук курстан окуп, мыкты билим алган бүтүрүүчүлөр, шарттары жакшыртылган класстык бөлмөлөр менен устаканалар, ж.б.), бирок алар окууларга сарпталган опрециондук чыгымдар боюнча келечек финансылоо маселелрин чечпесе, системалык өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө жетишилбейт, ошентип иш абдан чектелген гана таасир тийгизмекчи. Албетте, фермер, фермер айым курстары Нарын жана Баткен облустарында КОЖдор аркылуу улантылып окутулуп жатканын көрүү позитивдүү нерсе. Экинчи жагынан алсак, мониторингдер менен визиттер окутуунун сапаты баштапкы деңгээлде жетишилгенден кыйла начарлагандыгын жана практикалык сабактардын жана шакирттик практиканын сааттарын, сабактар үчүн окуу материалдарын, шакирттик практика учурунда чарбага жасалчу визиттерди кыскартуунун жана класстык бөлмөлөрдүн муздактыгынын, ж.б. натыйжасында КОЖдун репутациясы түшүп бара жатканын айкындап отурат. Проекттин жогорудагы тизмеленген чыгымдарды аз да болсо жабуу максатында акы төлөөнү киргизүү боюнча сунушу бир гана КОЖдо аткарылды, анткени официалдык жоболор бюджеттик класстарда акы төлөөгө тыюу салат.

- «КОЖОнун» финансылоосу боюнча ишыкмасы абдан ишенимдүү башталды, себеби жергиликтүү кызыккан тараптар өздөрүнүн ӨЭУларын түзүүдө жана жергиликтүү биргелешип каржылоонун салыштырмалуу (проект койгон финансылык планга карабай) жогорку деңгээлине жетишүүдө активдүүлүктү көрсөтүштү. Алгачкы эки жылдын арасында өнөктөш КОЖдор менен алардын «КОЖОлору» окутуу процесси окутуунун жергиликтүү тараптары аркылуу башкарылышы жана жергиликтүү спонсорлор тарабынан каржыланышы мүмкүн экендигин ачык көрсөттү. Кантсе да, кай бир учурларда КОЖдор менен «КОЖОлордун» ортосунда бийлик жана кирешени контролдоо үчүн умтулуу сыяктуу терс күчтөр да кезигет, анын натыйжасында аталган эки структуранын ортосунда кызматташтык солгундайт (акырында ал студенттердин санынын кыскарышына да алып келет). Проект келечекте «КОЖОлорду» өлкөдөгү коррупциянын[3], непотизмдин абдан жогорку деңгээлине туруштук бере ала турган жана бийлик үчүн жүргүзүлгөн оюндардан тышкары, билим берүүнү «жогортон төмөн» карай деген принципте башкаруудан алыс болгон мекеме катары мындан ары да күчтөндүрүүсү, ишин жакшыртуусу талап кылынат.

- Өзүнүн II фазасында АКП финансылык туруктуулукту жакшыртууну жана өз иштерин жайылтууну системалык деңгээлде тассирге жетишүүнү көздөгөн, мындайда (Нарындагы абалга окшошуп) көбүрөөк сандагы студенттерди окутуу экинчи максат катары артка жылып калат. Бул төмөндө жазылгандай көзкараш менен алганда проблеманы туудурбайт, себеби Проект өзүнүн чектелген ресурстары менен эч качан көп сандагы фермерлерди окутуп-үйрөтүүгө жетише албайт. Ага карабастан, «ишкер фермер» курсу боюнча окутууну камсыздоо жана финансылоо үчүн туруктуу структуралык түзүлүштү орнотуунун натыйжасында, проекттин иши токтогондон кийин деле «фермер, фермер айым» курстарынан айырмаланып, «ишкер фермер» курстары боюнча окутууну кыйла туруктуу жагдайда улана берет деп күтүлүүдө. Азырынча окуп жаткан студенттердин саны өтө эле аз, ошондуктан проект өз өнөктөштөрүн көбүрөөк студенттерди окууга тартуусу үчүн (чектелбеген өлчөмдөгү финансылык каражаттарды бөлүп камсыздоо аркылуу) шыктандырууну уланта бермекчи.

- Бир жагынан алганда, класстык сабактардын өтүлүшүнө мониторинг жүргүзүүнүн жана проект тарабынан регулярдуу негиздеги визиттерди жасоонун жыйынтыгы төмөнкүлөрдү көрсөттү: Мугалимдердин кызыгуусу, студенттердин активдүү билим алып жатканы, КОЖ директорлдорунун жаңы идеяларды кабыл алууга ачыктыгы, «КОЖОнун» директорлорунун ишке берилгендиги, фермердик жааматтын муктаждыктарын айтып, фер-

[3] Бүткүлдүйнөлүк корупцияны чагылдырган таблицада берилген цафралар боюнча Кыргызстан 179 өлкөнүн ичинен 150 орунда (Global Corruption Perception Index) (Булагы: http://www.transparency.org/policy_research/surveys_indices/cpi/2007).

мерлерди сапаттуу окууну талап кылышы жана билим берүү мекемелеринин бийлик органдарынын инновацияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүүсү. Экинчи жагынан, төмөнкүлөр аныкталып чыкты: окуп-үйрөнүүчүгө багытталган методиканы иш жүзүндө колдонууда мугалимдер тарабынан формализмге кеңири деңгээлде жол берилгендиги, студенттердин окууга катышуусунун туруксуздугу, КОЖ директорлорунун өз окуу жайынын мугалимдерине тренингге катышууга руксат бербеши, «КОЖО» директорлору менен жетектөөчү кеңештеринин жоопкерчиликти мойнуна алууну каалабагандыгы, студенттердин санынын аздыгы жана пилоттук проекттердин системага бириктирилип, киргизилбегендиги проекттин бардык кызыккан тараптары менен партнерлоруна ээлик кылуу боюнча мындан ары стимул көрсөтүлүшү керектиги.

<u>Келечек көз караш</u>

- 2008-жылы АКП өнөктөш окуу жайлар менен алардын кызматкерлерин окутуп, машыктырууну улантат. Мугалимдерге тренинг программасы боюнча окууларга катышуу мүмкүнчүлүгү кайрадан түзүлөт жана Окуу жай менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу (ОМКП) боюнча окутуу программасы кайрадан жаңыртылып, өзгөртүлгөн түрдө сунушталмакчы. Андан кийин, Нарын облусундагы быйылкы жылдын түшүмүнүн эсебинен өз каржылоосун камсыздап алган Студенттик талаа мектептерине финансылык колдоо көрсөтүлөт жана малчарбачылык боюнча Студенттик талаа мектеби Ысыккөл жана Чүй облустарына жайылтылат.
- 2008-жыл - ПроДокто көрсөтүлгөндөй Нарын облусунун КОЖдоруна колдоо көрсөтүүнүн акыркы жылы. Ошондуктан, ал жакта фазанын аякташын даана билдире турган аз сандагы гана иш-аракеттер (Мисереордун колдоосун алган КОЖдор, СТМ, мугалимдерди окутуу, мониторинг, жалпы билим берүү багытындагы окуу планы) калып жатат. Ысыккөл жана Чүй облустарында топтолгон тажрыйбанын негизинде, АКП «ишкер фермер» курсун Талас облусунан тандалып алынган эки КОЖуна жайылтууну көздөп отурат.
- «КОЖОнун» системага ээлик кылуусун күчтөндүрүү жана институционалдык өнүгүүсүн жакшыртуу максатында жетектөөчү кеңештердин мүчөлөрүн окутуп-үйрөтүүгө көбүрөөк басым жасалат. Ага кошумча, алгачкы эки жылда пилоттук катары аткарылган иштер кайра каралып чыгып, экономикалык жактан натыйжалуулукту арттыруу жана партнерлордун ишке ашыруусун оңойлотуу (мис.: «КОЖО» чогулуштарын демонстрация күндөрү менен бириктирип өткөрүү) максатында жакшыртылат. Андан ары, Проект «КОЖОлорго» жаңы түзүлгөн ӨЭУ катары каражат бөлүүгө мораторий коет. Учурда иштеп жаткан билим берүү секторунда тажрыйбасы бар жана жакшы уюшулган башкарууга ээ ӨЭУларды кылдаттык менен анализдеп көрүп, АКП «КОЖОнун» функцияларын өнөктөш КОЖ жайгашкан аймакта мурдатан бери иштеп келе жаткан тышкаркы уюмга тапшырма катары ыйгарып бермекчи.
- Проекттин II фазасынын иштери аяктап жаткандыктан, 2008-жыл АКП үчүн өз стратегиясынын багытын өзгөртүү жылы болот. II фазага дагы бир жылдык мөөнөттү кошуу жана натыйжада III фазаны 2009-жылдан баштоо боюнча баштапкы пландар келечекте ишти кеңири жайылтуу жана проект иштерин туризм секторунда шык-билимге окутуп-үйрөтүү багытында диверсификациялоо боюнча ойго окшош эле жөн гана жакшы талкуу болуп калды. Акыркы айтылган нерсе жаңы партнерлорду жана кызмат берүүчүлөрдүн муктаждыктарын эске алуу менен иш аткаруу ыкмаларын жана КОЖдордогу эскирген жабдыктардын ордуна мейманканалардагы колдо бар тиешелүү инфраструктураны колдонууну талап кылмакчы. Ага кошумча, келечекте жаңы курстарды КББ системасына бириктирип, киргизүүнү камсыздай алат турган жана реформаларды активдүү түрдө жүргүзүү боюнча саясатты колдогон партнер(лор)дун ылайыктуусун тандап алуу үчүн эски жана жаңы потенциалдык мамлекеттик партнерлорго талдоо жүргүзүлүшү керек.

# 5. Библиография


Проектинин документтери

АКП, 2001, Кесиптик Билим Берүү Системасы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде )
АКП, 2001, Курак, АКП рег.эмес басылмасы. 3 саны, Нарын (кырг. тилинде)
АКП, 2001, 1,2,3-семестрдин окуу пландары (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2001, ЖИП 2001 жана Бюджет 2001, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2001, ЖИП 2001 жана Бюджет 2002, Нарын, (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Жарым жылдык отчет жана жылдык отчет 2001, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Жарым жылдык отчет жана жылдык отчет 2002, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, ЖИП 2001 жана Бюджет 2003, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Окуучулардын проект иштери окуу планы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде), биринчи басылышы
АКП, 2002, 1-семестрдин окуу планы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде), экинчи бекитилип басылып чыгышы
АКП, 2002, 2-семестрдин окуу планы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде), экинчи бекитилип басылып чыгышы
АКП, 2002, Шакирттик Система, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Окуу куралдардын сериялары, 2-семестр, 2- басылышы, 1 – 13- бөлүмү, Нарын (кыргыз тилинде)
АКП, 2002, Окуу куралдардын сериялары, 1-семестр, 2- басылышы, 1 – 20- бөлүмү, Бишкек (кыргыз тилинде)
АКП, 2002, Курак, АКП рег.эмес басылмасы. 3 саны, Нарын (кырг. тилинде)
АКП, 2002, АКП 1-фаза, Пландоо платформасы, Нарын (кырг. ж-а англ. тилдеринде)
АКП, 2002, АКП жеке баалоо отчетту (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, 1-фаза, АКП пландоо документи, Нарын, Бишкек, Цюрих (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, АКПнын Пландоо Документинен резюме, фаза 1, Нарын, Бишкек, Цюрих (Англис жана Орус тилдеринде)
АКП, 2003, Кесиптик Профилдери, Нарын (Кыргыз жана Англис тилдеринде), үчүнчү толукталып басылышы
АКП, 2003, Үчүнчү семестрдин Окуу пландары, Нарын (Кыргыз жана Англис), экинчи толукталган басылышы
АКП, 2003, Нарын. «Фермер» жана «Фермер айым» кесибине окуп жаткан окуучулар үчүн Окуу Куралдары (Үчүнчү семестр үчүн, экинчи басылышы 16 түрдүү предметтен турат, Кыргыз тилинде)
АКП, 2003, 6-семесрдин окуу планы, Нарын (Кыргыз,Англис)
АКП, 2003, Курак, АКП басылмасы. 3 басылма, Нарын (Кыргыз)
АКП, 2003, Жарым жылдык отчет 2004 жана Жылдык отчет 2003, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2003, Жылдык Иш План 2004 жана Бюджет 2004, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2004, Жарым жылдык отчет 2003 жана Жылдык отчет 2004, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, Жылдык Иш План 2005 жана Бюджет 2005, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, АКПнын Пландоо Документти фаза 2, Нарын, Бишкек, Цюрих (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, Курак, АКП басылмасы. 5 басылма, Нарын
АКП, 2006, ЖИП 2006 жана Бюджет 2006, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2006, Кесиптик билим Берүү Системасы, Ысыккөл жана Чүй (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2006, Кесиптик профилдери, Ысыккөл жана Чүй (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2006, 1-семестр, окуу план ЫК жана Чүй облусу үчүн (кыргыз тилинде)
АКП, 2006, Курак, АКП басылмасы. 4 басылма,
АКП, 2007, Компетенция профили, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (орус тилинде)
АКП, 2007, Кеисиптик билим берүү системасы, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (орус тилинде)

**АКП**, 2007, Шакирттик практика системасы, Ысыккөл ж-а Чүй обл.
**АКП**, 2007, Модулдук система, Ысыккөл ж-а Чүй обл)
**АКП**, 2007, 6-семестрдин окуу планы, Караван (кыргыз тилинде)
**АКП** 2007, 1-семестрдин окуу планы, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (орус тилинде)
**АКП**, 2007, 1-семестрдин окуу планы, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (кыргыз тилинде), экинчи, оңдолуп басылышы
**АКП**, 2007, 2008-жылдык иш планы ж-а 2008-ж.бюджет, (кыргыз, англис тилдеринде)
**АКП**, 2007, 2006-жылдык отчет, (кыргыз, англис тилдеринде)
**АКП**, 2007, «Курак», АКП басылмасы. 2 басылма, (кыргыз тилинде)

**Хельветас**, 2000, Бишкек. Ишкер фермер жана айым, Айыл Чарба Кесипчилик Билим Берүү Проектиси, Проект документациясы, (Англис жана Кыргыз тилде ринде)
**Хельветас**, 2000, Шык Ощдоо, Пландаштыруу Платформасы Иш Документи, Цюрих (Орус жана Анлис тилдеринде)

**Тейлор П.**, 2004 Кенешчилик отчет, 14-25 Июнь, 2004
**Дитрих П.**, 2004 Миссиянын отчету, 19 Май – 14 Июнь 2004
**Донордук тегерк стол, 2007.** Кыргызстандын Кесиптик билим берүү системасына карата донордук келечек көзкараш (англис жана орус тилдеринде)
**Виллен Б.**, 2005 2004-жылдагы алгачкы бүтүрүүчүлөрдү изилдөө окуусу, Кочкор жана Оттук, Май 2005 (Англис жана Кыргыз тилдеринде)
**Жаагер М.**, 2005 АКПны кайра карап чыгуу жана Элестетүү (англис тилинде)
**Месcерли,.**, 2006 Кыргызстандагы айым фермерлер үчүн кесиптик билим берүү: Инновативдүү программасы, кейс стади. JVET атайын басылышында, 58Ң4: Гендер маселеси. Аялдардын окууга жана иштөөгө перспективасы (анг. тилинде)

**Виллен Б.**, 2006 Кесиптик билим берүүдөгү биргелешип окуу планды иштеп чыгуу: Кыргызстан, Айылдык Кесиптик билим берүү Проектисинин кейс стадиси, Дипломдук иш; Эл аралык айыл чарба департаменти, Цоликофен (агн. тилинде)
**Виллен Б.**, 2006 Биргелешип Айыл Муктаждыктарын Баалоо, Ысыккөл жана Чүй обл., январь (Англис жана Кыргыз тилдеринде)

Жергиликтүү газеталарга жарыяланган ар кандай публикациялар жана жарыялар (кыргыз жана орус тилдеринде)

**Проектинин маанилүү адабияттары:**

**Blum, A.** 1996, Teaching and learning in agriculture, FAO, Rome (Айыл чарбасындагы Үйрөтүү жана Окутуу, Англис тилинде)

**А. Роджер жана П. Тейлор,** 1998. Participatory Curriculum Development in Agricultural Education (БОПИЧ, окуу куралы, FAO, Рим (Англис тилинде),

**М.Руфер.** 2000. (Элет жергесиндеги өткөөл мезгили жана Кыргызстандагы Айыл Чарба Кесипчилик Билим Берүүсү, Цюрих (Англис тилинде)

**Schoenhut, M. Kievelitz, U.** 1993,Partizipative Erhebungs- und Planungsmethoden in der Entwicklungszusammenarbeit, GTZ D-Wiesbaden (German)
**Schweizerischer Landwirtschaftlicher Verein** 2001, Lehrplan fuer die Berufslehre des LandwirtsҢder Landwirtin, LMZ CH- Zollikofen (German and French)

**П. Тейлор**, 1999 Мугалимдердин Айыл чарба илими тууралу китепчеси, VSO Лондон (Англис тилинде)

**П. Тейлор**, 2001 БОПИЧтин эффективдүүлүгүнө багытталган негизги 10 кадам, Эл аралык кызматташуудагы тажрыйба алмашуу жана үйрөнүү, Хельветас басылмасы, №2 (Англис тилинде)

**Кроехнерт, Г.** 1993, Окуулар үчүн 100 оюн
**Кроехнерт, Г.** 2002, 101ден ашык тренинг оюндары